# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | ДЕКАБРЬ 2013 | №12 (25) чыгарылышы

**Муниципалитет - бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги**

## МАЗМУНУ

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Анна Шелестова***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,**
бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.

Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – 720021, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44,
Өнүктүрүү саясат институту,
«Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

ISBN 1694-7053

### СӨЗ БАШЫНЫН ОРДУНА

Жергиликтүү өнүгүүнүн жаңы стратегиялары – бул жарандардын убактысы, пландары жана ресурстары, ал эми жоопкерчилик – ЖӨБ органдарыныкы жана мамлекеттики . . . . . . . . . . . **2**

### ӨКМӨТТҮН СТРАТЕГИЯЛАРЫ

2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусун өнүктүрүү программасы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . **4**

Кыргыз Республикасында административдик-аймактык реформанын концепциясы . . . . . . . . . **18**

### ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨНҮГҮҮНҮН СТРАТЕГИЯЛАРЫ

Муниципалитетти өнүктүрүүнүн стратегиясы – бул адамдарды жана ресурстарды бириктирген өзөк – Кыргызстандын тоолуу жана алыскы жайгашкан айылдык аймактарынан мисалдар . . . . . . . . . . . . . . . . . . **28**

Беловодск аймагы: жаңы стратегия өз алдына социалдык милдеттерди коёт . . . . . **37**

Бишкек шаарын өнүктүрүү стратегиясы: шаар жана шаардыктар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . **41**

### «Муниципалитет» журналынын кийинки санында окуңуздар

- 2014-жылы ЭҮЖӨБОЖ долбоорунан муниципалитеттерге гранттар
- Партиялык жергиликтүү кеңештердин иши тууралуу алгачкы тыянактар
- 2014-жылы жергиликтүү бюджеттердин абалына аналитикалык божомол
- Жергиликтүү жамааттар өз уставдарын талкуулоого жана жайылтууга киришти
- Райондук мамлекеттик администрацияга кантип жардам берсе болот?

# Жергиликтүү өнүгүүнүн жаңы стратегиялары – бул жарандардын убактысы, пландары жана ресурстары, ал эми жоопкерчилик – ЖӨБ органдарыныкы жана мамлекеттики

**«Муниципалитет» журналынын урматтуу окурмандары!**

Башкы редактордун ой толгоолору же маңызсыз сөз башы менен бөлүшүп, сиздин көңүлүңүздү кыянаттык менен пайдалануу редакцияга мүнөздүү көрүнүш эмес. Бирок азыр эрежени бузуу үчүн үч себеп бар: жергиликтүү өнүктүрүүнүн Жаңы стратегиялары, журналдын Жаңы форматы жана Жаңы жыл!

## Биринчи жана негизги себеп: Жергиликтүү өнүктүрүүнүн жаңы стратегиялары

Бул төрт сөздүн ичине биз журналдын ушул санынын өтмө идеясы болуп калган темалардын комплексин бириктирип, аны атайын чыгарылышка айландырдык.

Ал өлкө үчүн маанилүү, көпкө күтүлгөн жана жогорку деңгээлде зарыл болгон документтин текстинен башталат. Ал документ – 2013-жылдын 18-декабрында КР Өкмөтүнүн №678 Токтому менен бекитилген 2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусун өнүктүрүү Программасы. «2010-жылга чейин Кыргыз Республикасында мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү» Улуттук стратегиясынын иш-аракет мөөнөтү 2010-жылы аяктагандан баштап, өлкөдө ЖӨБдү өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктаган стратегиялык документ жок болчу. Анын үстүнө башкаруунун регионалдык, аймактык, муниципалдык өңдүү эң маанилүү бөлүктөрүндө өлкөгө так багыттарды бере алчудай мурдагы документтин аткарылышы дайыма эле ырааттуу боло берген жок. 2010-жылдагы саясий окуялардын кесепеттери башкаруу органдарынын жана республикадагы элдин алдына өтө көп сандагы тапшырмаларды жана суроолорду койду. Ал суроолорго жоопторду ушул өңдүү программалык документ бериши керек болчу. Натыйжада 2013-жылдын декабрында бул ишке ашып, документти Өкмөт бекитти.

Аны түзүү жана талкуулоо процессинде бир канча концептуалдык көчүрмөлөр бузулуп, эксперттердин калемдери мокоду. Ошондой эле процесс олуттуу саясий дебаттар менен коштолуп, ал болсо Кыргыз Республикасы учурда куруп жаткан башкаруу моделине карата толук мунасага жеткире алган жок. Анткен менен документ аткарылууга тийиш, бул болсо дагы бир топ суроолорду жаратат. Бирок азыртадан эле маалым болгондой, иштердин көптөгөн практикалык багыттары анда туура аныкталган. Анткени алар чоочун теориялардан алынбастан, жергиликтүү жамаатар менен муниципалдык лидерлердин башынан өткөн.

Өнүктүрүү саясат институту документтин тегерегиндеги иштерге эң алгачкы күндөрдөн баштап эле катышкан жана жергиликтүү өз алдынча башкарууга арналган 2010-жылдын Жергиликтүү өз алдынча башкаруусу тууралуу Улуттук докладдын көптөгөн тыянактары Программада эсепке алынганын кубаныч менен белгилейт. Аталган Улуттук докладдын автордук жамаатын ӨСИ түзгөн эле. Журналдын урматтуу окурмандары! Биз сизден Программага, ошондой эле аны ишке ашыруу боюнча пландарга жана практикалык чараларга тиешелүү пикирлериңизди күтөбүз. Журналдын беттеринде Программа тууралуу ар түрдүү талкууларды көргүбүз келет. Документтин электрондук версиясын төмөнкү шилтеме боюнча жүктөй аласыз:http://www.dpi.kg/upload/file/LSGKR_DevStrategy_2013-2017_RUS.pdf. Ошол эле жерде, ӨСИнин сайтында, пикирлериңизди электрондук кат менен жибере аласыз же журналдын негизги бетинде көрсөтүлгөн дарек боюнча бизге кат жазсаңыз болот.

Кийинки өтө маанилүү документ 2013-жылдын соңунда жарык көргөн. Бул – Кыргыз Республикасында административдик-аймактык реформанын Концепциясы. Аны да 2017-жылга чейин ишке ашыруу керек. Документ сыртынан караганда жаңы эмес – биринчи жолу 2012-жылдын 23-мартында кабыл алынган. Анткен менен бир жарым жылдан кийин, 2013-жылдын 28-октябрында, радикалдуу өзгөрүүлөргө туш болгон. Ал арада токтомдун аталышы жана номуру мурдагы бойдон калган. Ошондуктан эксперттик жана муниципалдык жамааттар салыштырмалуу көп деле байкабай калды. Өкүнүчтүү. Концепциянын жаңы редакциясы башкаруу системасы кантип реформаланат жана ал эмнеге алып келет дегенге карата дагы да тагыраак түшүнүк берет. Негизгиси документ өлкөнүн аймактык түзүлүшүн эмес, башкаруу системасынын өзүн реформалоонун объектиси катары карайт. Мына ушундан башташ керек болчу.

Журналдын атайын чыгарылышынын маалыматынын экинчи блогу – бул жергиликтүү өнүктүрүүнүн стратегиялык пландоосунун өнүгүүсү тууралуу окуялар. Болгондо да муниципалитеттердин топтому көрүнүктүү жана ар түрдүү болду – биз муниципалитеттердин таптакыр ар кандай үч түрүндө стратегиялык пландоонун процессин тартуулайбыз: Нарын жана Ош облустарындагы алыскы тоолуу айылдык аймактарынын топторунда; Чүй өрөөнүндөгү ири элеттик муниципалитетте – Беловодск айылдык аймагында жана борбор шаар Бишкекте. Түрдүү көйгөйлөр жана ресурстар, бири-бирине таптакыр окшобогон жамааттар. Бирок булардын баарын эмне бириктирет? Азыркыдан жакшы жашоо каалоосу. Өз күчүнө таянуу. Жогору жактан төмөндү карай башкаруу органдарын жоопкерчиликке чакыруу. Башкача айтканда, өнүктүрүүнүн жаңы стратегиялары – бул жарандардын убактысы, пландары жана ресурстары. Алар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аракеттери менен коомдук жыргалчылыктарга топтоштурулуп, турмушка ашырылыш керек. Ал эми өнүктүрүүнүн жергиликтүү стратегияларын ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн шарттарды жогоруда сүрөттөлгөн эки стратегиялык документте өз пландарын жарыялаган мамлекет түзө алат жана түзүп бериши керек.

Иштөө гана керек.

## Экинчи жана жагымдуу себеп: Журналдын жаңы форматы

Журнал Өнүктүрүү саясат институту менен бирге- ликте өсүп жана өнүгүп жатат. Ал эми журналдын бул саны кандайдыр бир деңгээлде бир баскычты түшүндүрөт – 2011-жылдын декабрында журналдын алгачкы саны чыккан учурдан бери туура эки жыл өттү. Мезгил хроникасынан алганда такыр эле олуттуу дата эмес. Бирок биз ошол 24 сандын ар бир бетине көптөгөн эмгекти, билимди жана ошол билим менен бөлүшүү каалоосун коштук. Журнал улам жакшырып, ой жүгүртүү үчүн жем таштап, эмоциялар менен бөлүшүп, сизди кубандырып турушун каалайт элек. Андыктан «Муниципалитет» журналынын жашоосунун үчүнчү жылы сырткы келбетин жаңыртуу менен башталат.

Сиз – биздин аудитория – жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана муниципалитет – бул биздин өлкөгө ийгиликтүү өнүгүүгө жол ача турган Кыргыз Республикасынын мамлекеттүүлүгүнүн эки негизги идеясы деген турумду тең бөлүшкөн биздин окурмандарыбыз жана авторлорубуз бойдон каласыз деп үмүттөнөбүз.

## Үчүнчү жана маанилүү себеп: Жаңы жыл!

Урматтуу кесиптештер! Кадырлуу достор!

Узап бараткан 2013-жыл менен коштошуп жатып, бул жыл бизди дагы да даанышман жана күчтүү кылды деп үмүттөнөбүз. Бул жылы ар бир адамдын, ар бир үй-бүлөнүн жана жалпысынан мамлекеттин жашоосу окуяларга жана турмуштук тажрыйбаларга бай болду. Мамлекеттин жана коомдун кандайдыр бир көзгө илинээрлик ийгиликтерин санап берүү кыйын болсо да, ар бир үй-бүлөдө 2013-жылдын жаркын элеси катары кала турган маанай көтөргөн күндөр жана кичинекей кубанычтар сөзсүз болгондур. Жыл сайын биз сиздер менен өз тарыхыбызды жазып келебиз жана сюжеттик бурулуштар адатта өзүбүздүн аракеттерибизден, кыйынчылыктарды жеңип чыгуу жөндөмдүүлүгүбүздөн жана чыгармачылыгыбыздан көз каранды.

Кыргызстан өнүгүүгө жетип, үй-бүлөлөр жакшы турмушта жашап, жарандар теңдикке жана жеке бакытка жетүүсү үчүн ар бирибиз дагы көп нерселерди жасашыбыз керек. Булардын баары күнүмдүк чоң эмгек менен жетишилет. Бирок бул мүмкүн. Биз бардык өнөктөштөрүбүзгө, пикирдештерибизге, досторубузга чыдамкайлык, сабырдуулук, турмуштук даанышмандык жана тырышчаактык каалайбыз. Ошону менен бирге үмүт, эргүү, кайрат жана адилеттүүлүк мурдагыдай эле Кыргызстан элинин мыкты мүнөздөрү бойдон калып, жеке жана коомдук максаттарга жетүүдө бизге жардамчы болот деп терең ишенебиз. Жаңы 2014-жыл биздин үмүттөрүбүздү актасын! Жаңы Жылыңыздар менен! Жаңы – биздин жашообузду жакшырткан жергиликтүү өнүгүүнүн ийгиликтүү стратегиялары менен!

**Өнүктүрүү саясат институтунун командасынын атынан башкаруу төрайымы,**
**«Муниципалитет» журналынын башкы редактору**
**Надежда ДОБРЕЦОВА**

# 2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү программасы

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

**Бишкек шаары, 2013-жылдын 18-декабры, N 678**

## Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн 2013-2017-жылдарга карата программасы жөнүндө

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну андан ары өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоо максатында, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9 жана 10-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы N 11 Жарлыгы менен бекитилген 2013-2017-жылдардын мезгилинде Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын жобосун көңүлгө алып, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

❶ Тиркелгендер бекитилсин:

- Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн 2013-2017-жылдарга карата программасы (мындан ары - Программа), 1-тиркемеге ылайык;
- Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн 2013-2017-жылдарга карата программасын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планы (мындан ары - Иш-аракеттердин планы), 2-тиркемеге ылайык.

❷ Министрликтер, администрациялык ведомстволор, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

- Программаны жана Иш-аракеттердин планын аткаруу боюнча чараларды көрүшсүн;
- Программаны жана Иш-аракеттердин планын аткаруу боюнча ведомстволук программаларды иш-чаралардын пландарын эки айдын ичинде иштеп чыгышсын жана бекитишсин;
- Программадагы жана Иш-аракеттердин планындагы иш-чараларды тиешелүү жылга бекитилген бюджеттин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардын алкагында ишке ашырышсын;
- квартал сайын, отчеттук айдын 5-күнүнө чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттикке Программаны жана Иш-аракеттердин планын аткаруунун жүрүшү жөнүндө маалымат беришсин.

❸ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик:

- Квартал сайын, отчеттук айдын 20-күнүнө чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына Программаны жана Иш-аракеттердин планын аткаруунун жүрүшү жөнүндө маалымат берсин;
- Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу союзу менен бирдикте (макулдашуу боюнча) кабыл алынган Программанын максаттары жана милдеттери жөнүндө кеңири түшүндүрүү иштерин жана маалыматтык өнөктүк жүргүзсүн.

❹ Министрликтердин, администрациялык ведомстволордун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери Программанын жана Иш-аракеттердин планынын сапаттуу жана өз убагында аткарылышы үчүн жекече жоопкерчиликте болору белгиленсин.

❺ Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

«Эркин Тоо» газетасынын 2013-жылдын 24-декабрында N 102 жарыяланды.

❻ Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын уюштуруу-инспектордук иштер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Премьер-министри**
**Ж.Сатыбалдиев**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн**
**2013-жылдын 18-декабрындагы N 678 токтомуна 1-тиркеме**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН 2013-2017-ЖЫЛДАРГА КАРАТА ПРОГРАММАСЫ

## Киришүү

Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн 2013-2017-жылдарга карата программасы (мындан ары - Программа) туруктуу жана натыйжалуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун (ЖӨБ) негизги багыттарын аныктоо, жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга болгон конституциялык укуктарын ишке ашырууга шарттарды түзүү жана ЖӨБ органдарынын жарандардын алдындагы жоопкерчилигин көтөрүү максатында иштелип чыкты.

Программа Кыргыз Республикасынын Конституциясына, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, башка ченемдик укуктук актыларга ылайык иштелип чыкты жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы N11 Жарлыгы менен бекитилген 2013-2017-жылдардын мезгилинде Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын ишке ашырууга багытталган, ошондой эле аны ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн негизги иштери да эске алынган.

Программа ЖӨБ жаатындагы ишке ашырылуучу максаттарды жана милдеттерди коет, ЖӨБ тутумунун борборунда жергиликтүү коомчулуктардын кызыкчылыктары турат деген багыт менен иш-чаралардын комплексин сунуш кылат. Ошондуктан Программаны ишке ашыруунун негизги жыйынтыгы жарандарга жеткиликтүү жана сапаттуу муниципалдык кызмат көрсөтүүнү камсыз кылган, жергиликтүү бийликтин ишенимине жана урматтоосуна ээ болгон натыйжалуу муниципалдык башкаруу болмокчу.

Программада жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштурулушун өркүндөтүү боюнча мамлекеттик саясатка (функцияларын, башкаруу формаларын жана түзүмүн оптималдаштырууга) өзгөчө көңүл бурулган. Бул маселелерди чечүүчү ыкманын негизинде ЖӨБ органдарынын ишке ашырыла турган, өз мүмкүнчүлүктөрү жана бөлүнгөн ресурстар менен бекемделген ыйгарым укуктары үчүн гана жоопкерчилиги жатат.

Программада ЖӨБ органдарынын ресурстарды башкаруудагы ишинин ачыктыгына жана отчеттуулугуна, жергиликтүү коомчулуктардын мүчөлөрүнүн демилгелеринин ачык-айкындыгына олуттуу көңүл бурулган.

Программа аналитикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларына, Кыргыз Республикасындагы Адамдык өнүктүрүү жөнүндө 2012-жылдагы улуттук баяндамага негизделген.

Программаны ишке ашыруунун башкы жыйынтыгы натыйжалуу жана отчеттуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун, шаарлардын жана айылдардын туруктуу өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүү, жарандардын жашоо деңгээлин жогорулатуу болот.

## I. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун учурдагы абалы, негизги көйгөйлөрү жана мындан ары өнүктүрүү багыттары

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2002-жылдын 17-декабрындагы N381 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасында 2010-жылга чейин мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү» Улуттук стратегиясын ишке ашыруу Кыргыз Республикасында мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын чектеп бөлүүгө негизделген жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын куруууга мүмкүнчүлүк түздү. Өзүнүн бюджеттик саясатын түзүүгө, муниципалдык менчикти түзүүгө жана муниципалдык кызматты уюштурууга багытталган ЖӨБ органдарынын ченемдик жана мыйзамдык базасынын негиздери түптөлдү. Бүгүнкү күндө республиканын бардык баштапкы административдик-аймактык бирдиктери - 31 шаар жана 453 айылдык аймак ЖӨБ принциптеринде иштеп жатат.

«Кыргыз Республикасында 2010-жылга чейин мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү» Улуттук стратегиясында белгиленген чаралардын айрымдары иш жүзүндө учурдагы абалдын талдоосун эске алуу менен өз учурунда түзөтүлгөн эмес жана турмушка ашырылган жок.

Мамлекеттик бийликтин жана ЖӨБ органдарынын функцияларын так бөлүштүрүү, туруктуу экономикалык базасын түзүү жана муниципалдык менчикти натыйжалуу башкаруу, жергиликтүү проблемаларды чечүүдө жергиликтүү коомчулуктарды бириктирүү ишинде ЖӨБ органдарына натыйжалуу мамлекеттик колдоо көрсөтүү маселелери толук чечилген жок. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу

органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын жергиликтүү коомчулукка отчеттуулук механизмдерин өнүктүрүү, жергиликтүү кеңештердин ролун күчөтүү, аймактагы ресурстарды натыйжалуу пайдалануу, муниципалитеттер арасындагы кызматташуу, жарандык коомдун институттары менен байланыштарды чыңдоо проблемаларын чечүү алдыда турат.

ЖӨБ органдары системасындагы, алардын мамлекеттик органдар менен өз ара мамилесиндеги топтолгон карама-каршылыктар менен кемчиликтерди гана чечүү эмес, баарыдан мурда конкреттүү жарандардын жана жергиликтүү коомчулуктардын кызыкчылыгы өзөгүндө турган өз алдынча башкаруу принциптерин турмушка реалдуу ашыруу зарыл.

Тиешелүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгууну талап кылган айрыкча маселелерге төмөнкүлөр кирет:

### Башкарууну жарандардын муктаждыктарына багыттап оптималдаштыруу

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү туруктуу жана стабилдүү мамлекеттик башкарууну түзүү, иштин натыйжасы үчүн жоопкерчиликти жаратуу боюнча көрүп жаткан чаралар жалпы мамлекеттик кызыкчылыктарды эске алуу менен муниципалдык башкарууну оптималдаштырууну талап кылат. Жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформа аймактык кайра түзүү эмес, бардык деңгээлдеги бийлик органдарынын функцияларын, ыйгарым укуктарын жана ресурстарын кылдат талдоо аркылуу башкарууну оптималдаштыруу процесси катары каралат. Бул контексттен караганда социалдык жана экономикалык өнүктүрүү маселелерин чечүүдө, региондук программаларды ишке ашырууда жана ЖӨБ органдары менен өз ара байланышта иштешүүдө райондук деңгээлдеги мамлекеттик башкаруу органдарынын ишинин уюштурулушу жаңыча мазмунду талап кылат.

### Муниципалдык кызматтардын сапаты жана жеткиликтүүлүгү

Бүгүнкү күндө ЖӨБ органдары элге көрсөтүүчү кызматтардын көпчүлүгү канааттандырбайт. Буга муниципалдык кызматтарды көрсөтүүнүн эрежелеринде жана жол-жоболорунда бирдиктүү тутумунун жоктугу, айрым кызматтарга негизсиз эле акы алуу, аныкталган бирдиктүү талаптардын жоктугу себеп болууда. Бир кайрылуу менен эле ар кыл кызматтарды бир жерден алууну камсыз кылуучу заманбап технологиялар жетишерлик пайдаланылбайт.

### ЖӨБ органдарынын ролун жана жоопкерчилигин жогорулатуу

Жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүү үчүн жоопкерчилик принциптерин ишке ашырууга көңүл бөлүү, жергиликтүү коомчулуктардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарына ишенбестик көрсөтүү механизмин иштеп чыгуу, саясий процесстердин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш процессине жана анын түзүлүшүнө таасир этүүсүн болушунча азайтуу зарыл.

### Жарандардын чечимдерди кабыл алуу процесстерине катышуусу

ЖӨБ органдары коомдук көйгөйлөрдү, айрыкча муниципалдык ресурстарды: жайыттарды, жерлерди, сугат сууну, менчикти, жергиликтүү бюджетти бөлүштүрүү жана пайдалануу маселелерин дайыма эле өнөктөштүктүн негизинде, отчеттуу жана тең укукта, жергиликтүү коомчулуктардын ар түрдүү топторунун кызыкчылыктарын жана демилгелерин эске алуу менен ачык чече бербейт. ЖӨБдүн натыйжалуу иштөөсүндө жергиликтүү коомчулуктардын ролу жана жоопкерчилиги жетиштүү эмес, ЖӨБ жөнүндө билим жетишсиз.

### Жергиликтүү деңгээлдеги бюджеттик саясат

Жер-жерлердеги бюджеттик саясат өнүктүрүүгө жана дотациялык аймактарды азайтууга багытталышы керек. Күч-аракет жалпы мамлекеттик ресурстарды кайра бөлүштүрүүгө эле эмес, аймакты өнүктүрүүгө жумшалуучу ички резервдерди таап, көбөйтүүгө жана натыйжалуу пайдаланууга, бюджеттик каражаттарга жоопкерчиликтүү мамиле жасоого, негизсиз чыгымдарды азайтууга да топтолушу зарыл.

Жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске алган сарамжалдуу трансферттик саясатты түзүү, аймактарды өнүктүрүүнүн өркүндөтүлгөн бюджеттик, салыктык механизмдерин жана дем берүүнүн башка механизмдерин ойлонуштуруу абзел.

### Жергиликтүү коомчулуктардын ресурстарын башкаруу

ЖӨБ органдарынын негизги түзүүчү ресурстук базасы болуп кыймылсыз мүлк объектилери, жер, жергиликтүү жаратылыш ресурстары түрүндөгү муниципалдык менчик эсептелет. Бирок колдо болгон ресурстук потенциалды сарамжалдуу пайдалануу жана өзүнүн аймагын өнүктүрүүгө инвестицияларды тартуу зарылдыгын бардык эле ЖӨБ органдары жана алардын кызмат адамдары түшүнө беришпейт.

### Жергиликтүү экономикалык өнүгүү

ЖӨБ органдарынын экономикалык иши негизинен аймактагы турак жай-коммуналдык чарбанын жана жашоо-тиричиликтин башка тутумдарынын иштешин камсыздоого байланышкан. Жергиликтүү өнүгүүнүн негизги субъекти катары ЖӨБ органдары жергиликтүү экономикага инвестиция тартууга, жергиликтүү экономикалык өнүгүүнүн жаңы куралдарын пайдаланууга жетишерлик көңүл бурбай жатышат. Жергиликтүү өнүктүрүүнүн кабыл алынып жаткан программаларында таасир этүүнүн максаттык индикаторлору болуп, түпкү натыйжага багытталууга, жумушсуздуктун жана жакырчылыктын деңгээлин азайтууга, ортоңку класстын өсүүсү үчүн ыңгайлуу шартты түзүүгө багытталууга тийиш. Алар ошондой эле аймактык жана тармактык өнүктүрүү программалары менен тыгыз байланышта болушу керек.

### Муниципалитеттер аралык кызматташтык жана жакшы тажрыйбаны жайылтуу

ЖӨБ органдарында жалпы маселелерди чечүү үчүн өздөрүнүн ресурстарын бириктирип, тажрыйба жана мыкты практиканы алмашуу менен өз ара кызматташуусунун майнаптуулугу аз. Калкка кызмат көрсөтүү боюнча муниципалитеттер аралык ишканаларды жана мекемелерди түзүү, чечимдерди даярдоодо жана кабыл алууда жарандардын катышуусунун жакшы тажрыйбасын кайталоо практикасы жайылтылган эмес. Ошондой эле ЖӨБ кошуунунун ролун жана маанисин жогорулатуу, региондук ЖӨБ ассоциацияларын түзүүнү колдоо да зарыл.

### Жалпы мамлекеттик жана жергиликтүү кызыкчылыктарды эске алган туруктуу ченемдик укуктук базаны түзүү

ЖӨБ жаатындагы мыйзамдарды талдоо өксүктөр жана карама-каршылыктардын бар экенин көрсөттү. Мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү жер-жерлердеги мамилелердин бүтүндүгүн жана туруктуулугун бузбай турган, терең ойлонулган иш болушу керек.

### Муниципалдык кызмат жана кадр саясаты

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатууда өзгөчө роль ЖӨБ органдарына, айрыкча ортоңку деңгээлдеги кадрларды тандоого, аларды өстүрүүгө жана кесиптик жактан дайыма өркүндөтүүгө, кадрлар резервин түзүү жана жылдыруу, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагы кадрларды өз ара ротациялоо механизмдерин түзүүгө бөлүнүшү керек. Учурда ЖӨБ органдарындагы кадрлардын билиминин жана тажрыйбасынын деңгээлдери жакшыртууга муктаж. ЖӨБ органдары ак ниет башкарууну жана кызматтык этиканы туу туткан кесипкөй кадрларга муктаж.

### Муниципалдык башкарууну информатикалаштыруу

Бүгүнкү күндө ЖӨБдө маалыматтык жана коммуникациялык технологияларды пайдалануунун масштабы жетиштүү эмес, алар учурдун талабынан жана чет өлкөлөрдүн практикасынан олуттуу артта калууда. ЖӨБ органдарынын иш процесстерин автоматташтырууда жана муниципалдык кызматтарды электрондук форматта көрсөтүүдө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануу электрондук өкмөттү (электрондук муниципалитет, электрондук айыл өкмөт) түзүү боюнча мамлекеттик программанын алкагында чечилиши керек.

### ЖӨБ органдарынын ишине мониторинг жүргүзүү жана баалоо

Азырынча балансталган критерийлердин жыйындысынын негизинде ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулугуна үзгүлтүксүз мониторинг жасоо жолго коюла элек. Бул мамлекеттик органдарга ЖӨБнын ишин аларга өткөрүп берилген ыйгарым укуктары боюнча баалоого, ал эми жарандарга жана коомдук уюмдарга болсо жергиликтүү маанидеги маселелердин чечилишин, анын ичинде муниципалдык кызматтардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн реалдуу баалоого мүмкүндүк бербейт.

Баяндалган көйгөйлөр жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн 2013-2017-жылдарга карата төмөнкү артыкчылыктуу багыттарын аныктайт:

❶ ЖӨБ органдарынын жоопкерчилигин жарандардын керектөөлөрүнө багыттап жогорулатуу жана оптималдаштыруу.

❷ Финансылык туруктуулукту бекемдөө, ресурстук базаны кеңейтүү жана жергиликтүү экономикалык өнүктүрүү.

❸ ЖӨБ органдарынын ишинин уюштуруу жактан жана мыйзамдык жактан натыйжалуулугун өркүндөтүү.

Бөлүп көрсөтүлгөн көйгөйлөрдү чечүү үчүн ЖӨБдү өнүктүрүү жаатында улуттук тажрыйба, жалпы мамлекеттик жана жергиликтүү кызыкчылыктарды айкалыштырган, ошондой эле ачык-айкын жана коомго отчеттуу, сапаттуу жана жоoптуу ЖӨБ тутумун көрүү үчүн саясий эрк бар.

## II. Стратегиялык максаттар жана милдеттер

Өлкө туруктуулукту жана стабилдүүлүктү тандаган шартта, Программанын максаттык артыкчылыктарын ишке ашырууда аларды аткаруунун жана таасирин баалоонун маанилүү индикаторлору төмөнкүлөр болот: стабилдүүлүк принциби, субсидиялуулук принциби, уюштуруу-аймактык оптималдуулук принциби, ресурстук камсыздалуу жана мамлекеттик органдар менен өз ара байланышта иштешүү принциби.

Программанын башкы максаты - натыйжалуу жана жоопкерчиликтүү, жергиликтүү коомчулуктарга отчеттуу жергиликтүү өз алдынча башкарууну түзүү.

Бул максатка жетүү үчүн артыкчылыктуу багыттардагы маселелердин комплексин чечүү керек.

### 1-багыт. Жарандардын керектөөлөрүнө багытталган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилигин жогорулатуу жана оптималдаштыруу

### 1.1-милдет. ЖӨБ органдарынын жергиликтүү коомчулуктун алдындагы ишинин жыйынтыгы боюнча отчеттуулугун өнүктүрүү

Негизги коомдук маанилүү чечимдерди кабыл алууда жергиликтүү коомчулукту консолидациялоо, жарандардын кызыкчылыктарын эске алуу жана макулдашуу үчүн жергиликтүү коомчулук институтун пайдалануу.

Жашоонун бирдиктүү ченемдерин жана эрежелерин түзүүдө жергиликтүү коомчулуктардын уставынын ролун күчөтүү, ЖӨБ органдарын түзүүдө жарандар талап кылган айрым маселелерге, анын ичинде жергиликтүү коомчулуктун мүчөлөрүнүн ишенимин жоготкон ЖӨБ органдарынын жетекчилери менен жергиликтүү кеңештин депутаттарын кайра чакыртып алуу механизминде кошумча кызматтарды көрсөтүү.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууга жекече катышуу процессине жарандарды тартуу механизмдерин иштеп чыгуу. Коомдук маанилүү чечимдерди кабыл алууда, жергиликтүү Мыйзам чыгаруу демилгелерине болгон укуктарын ишке ашыруу. Коомчулуктун мүчөлөрү тарабынан ЖӨБ органдарынын жетекчилеринде кесипкөйлүктүн, этикалык ченемдердин, ачыктуулуктун, жеткиликтүүлүктүн, кадыр-барктуулуктун жана ишкердик абройдун жогорку деңгээлин иш жүзүндө калыптандыруу милдети турат.

### 1.2-милдет. ЖӨБ органдарынын жана муниципалдык кызматчылардын ролун жана жоопкерчилигин жогорулатуу

Өз шайлоочуларынын ишенимин жоготкон, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кайра чакыртып алууну жөнөкөйлөтүү жана жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлер үчүн квалификациялык талаптарды күчөтүү жолу менен жарандардын ЖӨБ органдарына болгон ишенимин калыбына келтирүү механизмдерин жайылтуу милдети алдыда турат. ЖӨБ органдарынын ресурстарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алган чечимдерди расмий жарыялоо менен жергиликтүү коомчулуктун аймагында маалымат алууну камсыздоо жана аларды өз убагында укуктук-ченемдик актылардын реестрине каттоо ыкмаларын ойлонуштуруу.

ЖӨБ органдарын калыптандыруу процесси субъекттердин талапкерлерди көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүнүн, ЖӨБ аткаруу органынын башчысын шайлоо формасын тандоодо коомчулуктун шайлоо процессиндеги укугуна бирдей шарттарды камсыз кылууга тийиш.

Муниципалдык кызматтардын ишин өбөлгөлөө механизмдери боюнча ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органдарына ыйгарым укуктарды берүү мүмкүнчүлүгүн иликтөө зарыл.

Административдик-аймактык реформалардын алкагында айылдык аймактарды ирилештирүү боюнча ЖӨБ өкүлчүлүктүү органынын өз алдынча штаты болгон, жергиликтүү кеңештердин депутаттык корпусунун оптималдуу санын карап чыгуу.

Администрациялык укук бузууларды кароо боюнча ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына өткөрүп берүүнүн камсыздоо зарыл.

Аттестация, кызматка кирүү, резервде болуу жана муниципалдык кызматчыларды окутуу маселелеринде мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарын жана функцияларын оптималдаштыруу зарыл.

### 1.3-милдет. Муниципалдык кызматтардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу

ЖӨБдү кызматтык оптималдаштыруу көрсөтүлүп жаткан мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар үчүн жоопкерчиликти бөлүштүрүүдө, аларды жеткиликтүүлүк жана сапаттуулук максатында стандартташтырууга мүмкүндүк берет.

Иш жүзүндө кызмат көрсөтүүлөрдү «бирдиктүү терезе» жана электрондук формат принцибине которууну ишке ашыруу.

Жеке секторлордун муниципалдык кызматтарды көрсөтүүсү үчүн бирдей шарттарды түзүү, социалдык тапшырыкты киргизүү. Жарандардын көрсөтүлгөн кызматтарга канааттануусунун мониторингин жана баалоо тутумун иштеп чыгуу.

### 1.4-милдет. Башкарууну аймактык жана административдик оптималдаштыруу

Айылдык аймактарды ирилештирүү ресурстук потенциалды, башкаруунун натыйжалуулугун жана экономикалык өнүгүүнү өбөлгөлөштүрүүнү камсыздоого тийиш. Ыңгайлуу учурда калк арасында кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана географиялык, экономикалык, инфраструктуралык, социалдык-маданий мүнөздөгү объективдүү кыйынчылыктарды эске алуу менен пилоттук этаптын негизделген моделин түзүү зарыл.

Айылдык аймактарды ирилештирүү алкагында айыл башчысынын статусун жана ыйгарым укуктарын жогорулатууну жана кеңейтүүнү караштыруу.

### 1.5-милдет. Электрондук башкаруу технологиясын киргизүү

ЖӨБ органдарынын ишине маалыматтык-коммуникациялык технологияларды текши киргизүү. МКТ мүмкүнчүлүктөрү башкаруу технологияларын жакшыртууга, ачык-айкындуулук, маалымат алмашуу, кызмат көрсөтүүлөрдүн деңгээлин жогорулатууга багытталат.

Жүргүзүлгөн электрондук өкмөттү түзүүнүн бирдиктүү мамлекеттик саясатынын алкагында ЖӨБдө уюштуруу жана МКТны пайдаланууда уюштуруучулук жана долбоордук иштерди координациялоо жүргүзүлөт.

### 1.6-милдет. ЖӨБ союзунун жана муниципалдык ассоциациялардын ролун жогорулатуу

ЖӨБдүн кызыкчылыктарын коргогон жана таламын талашкан улуттук уюм, мамлекеттик органдардын тең укуктуу өнөктөшү катары Кыргыз Республикасынын ЖӨБ союзунун ролун жогорулатуу.

Кыргыз Республикасынын ЖӨБ союзунун потенциалын жогорулатуу ЖӨБ органдарында консультациялык-укуктук кеңеш берүүгө, колдоо көрсөтүүгө, ЖӨБ чөйрөсүндө окутууга жана тажрыйбаны жайылтууга багытталат.

## 2-багыт. Финансылык туруктуулукту чыңдоо, ресурстук базаны кеңейтүү жана жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү

### 2.1-милдет. Жергиликтүү деңгээлде бюджеттик жана салык саясатын өркүндөтүү

Акырындап дотациялык аймактарды кыскартуу менен жер-жерлердеги бюджеттик саясат өнүгүүгө багытталышы керек. Бюджеттик, салык жана башка өбөлгөлөө механизмдери аркылуу ЖӨБдүн ички финансылык ресурстарын издөө мүмкүнчүлүгүн караштыруу.

Сарамжалдуу трансферттик саясатты түзүү, теңдештирүү гранттарынын тутумун өркүндөтүү, кызыктыруучу гранттарды бөлүштүрүү механизминин ачык-айкындуулугун камсыздоо.

ЖӨБдүн органдарынын негизделбеген чыгашаларын кыскартуу механизмдерин иштеп чыгуу, алардын натыйжалуу жана максаттуу пайдаланылышына көмөктөшүү.

ЖӨБдүн органдарынын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүн болжолдоодо, салыктардын айрым түрлөрүн башкарууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы менен өз-ара мамилелер тутумун түзүү.

Жергиликтүү коомчулуктун аймактарында тандап алуу жана киргизүү укуктары менен жергиликтүү салыктардын жана жыйымдардын түрлөрүн кеңейтүү.

### 2.2-милдет. Жергиликтүү коомчулуктардын ресурстарын башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу жана шарттарды түзүү

Муниципалдык менчик объекттерин инвентаризациялоону аяктоо, башкаруунун натыйжалуу ыкмаларын жайылтуу, ЖӨБ органдарына жергиликтүү пайдалуу кен байлыктарын узак мөөнөттүү ээлөөгө жана пайдаланууга өткөрүп берүүнү камсыздоо. Муниципалдык менчик объекттерин, жергиликтүү пайдалуу кендерди инвестицияларды тартуу үчүн бирдиктүү ишканаларды жана акционердик коомдорду түзүүдө үлүштүк катышууда күрөө катары пайдалануу.

ЖӨБ органдарына жергиликтүү коомчулуктун кызыкчылыгын эске алган жана кен казып алуучу компаниялар менен өз ара пайдалуу мамилелерди түзүүгө мүмкүндүк берген механизмдерди иштеп чыгуу.

### 2.3-милдет. Жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүнү камсыздоо

Жергиликтүү экономикалык өнүгүү программалары акыркы натыйжага, жумушсуздук жана жакырчылык деңгээлин азайтууга, жергиликтүү бизнес чөйрөсүнүн түзүлүшү жана өнүгүшү үчүн жагымдуу климатты түзүүгө багытталышы керек. Жергиликтүү экономикалык өнүгүү программалары региондук жана тармактык өнүгүү программалары менен тыгыз байланышта болууга тийиш.

Муниципалдык-жеке өнөктөштүктү, муниципалдык жана социалдык тапшырык практикасын жайылтуу механизмдерин киргизүү жана жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүнүн прогрессчил тажрыйбаларын таратуу (бизнес-инкубаторлор, бир айыл-бир азык, жергиликтүү өнүктүрүү фонддору).

### 2.4-милдет. Муниципалитеттер аралык кызматташтыкты өнүктүрүү жана мыкты тажрыйбаларды жайылтуу

Социалдык жана чарбалык көйгөйлөрдү бирге чечүү үчүн муниципалдык кызматташтыктын уюштуруучулук-укуктук шарттарын түзүү зарыл. Тажрыйба алмашуу жана жайылтуу, «теңме-тең» принциби боюнча билим берүү үчүн региондук тармактарды жана муниципалдык өз ара аракеттенүү аянттарын түзүүгө колдоо көрсөтүү милдети алдыда турат.

## 3-багыт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын уюштуруучулук жана укуктук ишинин натыйжалуулугун өркүндөтүү

### 3.1-милдет. ЖӨБдүн ченемдик жана укуктук базасын камсыздоо

ЖӨБ органдары жана алардын ассоциациялары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен алдын ала макулдашуусуз жана талкуулоосуз ченемдик-укуктук актыларга толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү, Мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуу практикасын жок кылуу менен ЖӨБ чөйрөсүндөгү мыйзамдардын туруктуулугун камсыздоо. Ал үчүн ЖӨБ союзу менен милдеттүү түрдө талкууга алынуучу Мыйзам долбоорлорунун таасирдүү механизмдерин иштеп чыгуу жана сунуш кылуу. ЖӨБдүн ченемдик-укуктук базасын өркүндөтүү карама-каршылыктарды жана кайталоолорду жок кылууга тийиш. Мыйзамдарга каршы келген ченемдердин деңгээлин азайтуу үчүн ЖӨБ органдары тарабынан кабыл алынган ченемдик-укуктук актыларга алдын ала укуктук экспертиза жүргүзүүнү иштеп чыгуу.

### 3.2-милдет. Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын чектеп бөлүү

ЖӨБ органдарынын компетенциясына тиешеси жок жана аткарылбаган функцияларды, ыйгарым укуктарды чыгарып салуу менен өз функцияларынын жана ыйгарым укуктарынын, алардын натыйжалуу аткарылышы жана ресурстук камсыздоосу боюнча текшерүү жүргүзүү. Жергиликтүү маанидеги маселелерди милдеттүү жана кошумча деп бөлүү аркылуу, функцияларды оптималдаштыруу, анда милдеттүү функциялар биринчи кезекте аткарылат жана каржыланат.

Мамлекеттик ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына берүү, анын кеңейип, көбөйүп кетишине жол бербөө менен функциялардын чегин так камсыздап, ЖӨБ органдары ишке ашыруучу функциялар берилиши керек.

Мыйзамдардын жана өткөрүлүп берилген мамлекеттик функциялардын аткарылышы ЖӨБ органдарынын өз ыйгарым укуктарына кийлигишүүнү эске албаганда, мамлекеттик администрациялык жол-жоболорду толук жазуу.

### 3.3-милдет. ЖӨБ органдарынын ишине мониторинг жүргүзүү жана баалоо

Критерийлердин жана көрсөткүчтөрдүн балансталган топтомунун негизинде, ошондой эле жарандык коом институттарынын катышуусун болжолдогон ЖӨБ органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоонун жана мониторингинин бүтүндөй тутумун иштеп чыгууга өзгөчө көңүл буруу керек.

ЖӨБ органдарынын иштерин баалоо жана коомдук мониторинг жол-жоболору жергиликтүү ченемдик-укуктук актыларда бекитилип, мындай иштерди жүргүзүүдө жергиликтүү жарандык коом институттарынын потенциалы жогорулайт.

## III. Программаны ишке ашыруу

### 3.1. Программаны ишке ашыруу этаптары, катышуучулары жана формалары

Стратегиялык максаттарга жетишүү жана милдеттерди чечүү этаптар боюнча өтүп, төмөнкү мамилелерге негизделет:

- максаттардын, багыттардын, милдеттердин жана белгиленген чаралардын биримдиги;
- мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын өз ара аракеттенүүлөрү жана кызматташтыгы;
- тармактык жана региондук өнүктүрүү программалары менен макулдаштык;
- жарандык коомдун жана эл аралык донор уюмдардын колдоосу;
- ишке ашыруунун жүрүшүнө мамлекеттик органдар жана жарандык коом уюмдары тарабынан мониторинг жасоо.

Программаны ишке ашыруу эки этапта жүргүзүлөт.

Биринчи этапта (2013-2015-жылдар) ЖӨБ чөйрөсүндөгү мыйзамдардын туруктуулугуна жетишүүгө жана мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы функцияларды жана ыйгарым укуктарды так чектеп бөлүүгө басым жасалат.

Экинчи этап (2016-2017-жылдар) ЖӨБдүн экономикалык дараметин жогорулатууга мүмкүндүк берип, көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын жакшыртууну камсыздайт.

Программанын милдеттерин чечүү жана максаттарына жетүү процессине кеңири чөйрөдөгү катышуучулар - мамлекеттик бийлик органдары, министрликтер жана административдик ведомстволор, алардын аймактык бөлүнүштөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, ЖӨБ органдары, Кыргыз Республикасынын ЖӨБ союзу, жарандык коом уюмдары, эл аралык донор уюмдары тартылат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган Программаны ишке ашырууну координациялап, өнөктөштүк жана катышуу боюнча демилге көтөрөт, мониторингди жана баалоону уюштурат, ички жана тышкы ресурстарды мобилизациялайт.

Программаны ишке ашыруунун формалары - ченемдик укуктук актыларды, долбоорлорду жана программаларды иштеп чыгуу жана бекитүү, уюштуруучулук иш-чаралар.

Программаны ишке ашыруу процесси борбордук жана жергиликтүү деңгээлдерде маалыматтык өнөктүктү өткөрүү менен коштолот.

### 3.2. Программаны ишке ашыруу ресурстары

Программанын иш-чараларын каржылоо:

- республикалык бюджеттин каражаттарынын-мамлекеттик органдардын бюджеттеринин, ошондой эле улуттук жана мамлекеттик программаларды жана долбоорлорду ишке ашырууга бөлүнгөн каражаттардын;
- жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын;
- донор жана эл аралык уюмдардын гранттарынын эсебинен ишке ашырылат.

### 3.3. Күтүлүүчү натыйжалар

Программанын белгиленген чараларын ийгиликтүү ишке ашыруу Кыргызстандын ЖӨБүн жаңы сапаттык деңгээлге чыгарып, ал:

- ЖӨБдүн жоопкерчилигин жана отчеттуулугун;
- жергиликтүү экономиканын жана экономикалык өз алдынчалыктын өсүшүн;
- жергиликтүү коомчулуктардын иштерине жарандардын реалдуу катышуусун камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

### 3.4. Программаны ишке ашыруудагы тобокелдиктер жана коркунучтар

Программаны ишке ашыруу процесси түрдүү тобокелчиликтер жана коркунучтар (саясий, экономикалык, социалдык, башкаруу, уюштуруу ж.б.) менен коштолушу мүмкүн, алар тиешелүү превентивдик аракеттерди иштеп чыгууну талап кылат.

Программада белгиленген чараларды ишке ашыруудагы тобокелчиликтерди жана коркунучтарды өз учурунда аныктоого, тиешелүү чараларды көрүүгө мониторинг жасоо жана баалоо системасы жардам берет.

## IV. Ишке ашыруу процессинин мониторинги жана баалоо

Программанын мониторингинин объекттерин ЖӨБдү өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарындагы максаттар, милдеттер жана натыйжалар түзөт.

Мониторинг жана баалоо тутуму төмөнкү принциптерде түзүлөт:

- өнөктөштүк жана катышуу;
- отчеттуулуктун туруктуулугу;
- коомчулук үчүн ачыктык;
- тең салмактуу жана индикаторлор топтому.

ЖӨБ чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган мониторинг жана баалоо боюнча ишти координациялайт, Кыргыз Республикасында ЖӨБдүн абалы жөнүндө жыл сайын ЖӨБ менен бирге тиешелүү отчетту даярдайт жана жарыялайт.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн**
**2013-жылдын 18-декабрындагы № 678 токтомуна 2-тиркеме**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН 2013-2017-ЖЫЛДАРГА КАРАТА ПРОГРАММАСЫН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ИШ-АРАКЕТТЕР ПЛАНЫ

| Миддеттер | Иш-чаралар | Аткаруучулар жана бирге аткаруучулар | Мөөнөтү | Каржылоо булагы |
|---|---|---|---|---|
| **1-багыт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандардын муктаждыктарына багытталган жоопкерчилигин жогорулатуу жана ылайыкташтыруу** | | | | |
| **1.1-милдет.** ЖӨБ органдарынын жергиликтүү коомчулуктун алдындагы ишинин жыйынтыгы боюнча отчеттуулугун өнүктүрүү | ❶ Кыргыз Республикасынын «Курултай жөнүндө» Мыйзамынын жоболорун натыйжалуу ишке ашыруунун механизмдерин жергиликтүү жамааттардын деңгээлинде иштеп чыгуу | Этностор агенттиги, ЖӨБ органдары (макулдашуу боюнча), ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2014-жыл | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| | ❷ Андан ары жергиликтүү коомчулукка сунуштоо менен жергиликтүү коомчулуктун типтүү уставын иштеп чыгуу, ЖӨБ органдары менен талкуулоо жана бекитүү | Этностор агенттиги, ЖӨБ органдары (макулдашуу боюнча), ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2014-жыл | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| | ❸ ЖӨБ органдарынын ишине айкындуулукту, отчеттуулукту жана жарандар менен байланышты камсыздоонун заманбап механизмдерин киргизүү (жергиликтүү өнүктүрүүнү биргелешип пландоо, коомдук угууларды дайыма өткөрүү ж.б.) | Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2013-2017 -жылдар | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| | ❹ ЖӨБ органдарынын ишинин мыкты, оң тажрыйбаларын жана муниципалдык кызматчылардын өздүк ак ниеттүү жүрүм-турумунун үлгүлөрүн жайылтуу | Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2013-2017 -жылдар | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| **1.2-милдет.** ЖӨБ органдарынын жана муниципалдык кызматчылардын ролун жана жоопкерчилигин жогорулатуу | ❶ Депутаттыкка талапкерлердин критерийлерин жогорулатууну, өз шайлоочуларынын алдында ишенимден кеткен депутаттарды чакырып алуунун механизмдерин жөнөкөйлөтүүнү караган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча долбоор иштеп чыгуу | БШК (макулдашуу боюнча), Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2014-жылдын 1-апрелине чейин | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| | ❷ Шайлоо процессинде саясий партиялардын монополиясын алып таштоочу талапкерлерди көрсөтүү субъекттерин кеңейтүү бөлүгүндө жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү долбоорун иштеп чыгуу | БШК (макулдашуу боюнча), Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2014-2015 -жылдар | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |

| Миддеттер | Иш-чаралар | Аткаруучулар жана бирге аткаруучулар | Мөөнөтү | Каржылоо булагы |
|---|---|---|---|---|
| | ❸ ЖӨБ органдарынын чечимдерин расмий жарыялоого карата «Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын иштеп чыгуу жана өзгөртүүлөрдү киргизүү | Этностор агенттиги, Юстмин, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ЖӨБ органдары (макулдашуу боюнча) | 2014-жылдын 1-июлуна чейин | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| | ❹ Жергиликтүү коомчулукка ЖӨБдүн аткаруу органынын башчысын шайлоо ыкмасын тандоо укугун берүү жөнүндө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү долбоорун иштеп чыгуу | БШК (макулдашуу боюнча), Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2014-жылдын 1-апрелине чейин | Республикапык бюджет, донордук каражаттар |
| | ❺ ЖӨБ органдарына административдик укук бузууларды кароо боюнча ыйгарым укук берүү бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Салык жана Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекстерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорун даярдоо | Этностор агенттиги, Финмин, МСК, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ЖӨБ органдары (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2014-2015 -жылдар | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| | ❻ Аттестациядан өткөрүү, кызматка киргизүү, резервде болуу, муниципалдык кызматчыларды окутуу маселелерин жакшыртуу боюнча мамлекеттик органдардын эриш-аркак иштөөсүн оптимапдаштыруу | МКК (макулдашуу боюнча), Этностор агенттиги, Башкаруу академиясы (макулдашуу боюнча) | 2014-жылдын 1-апрелине чейин | Республикалык бюджет |
| | ❼ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин уюштурууну регламенттеген башка ченемдик укуктук актыларды ишке ашыруу боюнча ченемдик жана методологиялык материалдарды жайылтуу | Этностор агенттиги, МКК (макулдашуу боюнча), ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | Дайыма | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| **1.3-милдет.** Муниципалдык кызматтардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу | ❶ Төмөнкү долбоорлорду даярдоо жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна киргизүү:<br>● муниципалдык кызматтардын базалык реестри;<br>● муниципалдык кызматтардын типтүү стандарты;<br>● муниципалдык кызматтардын реестрин түзүүнүн тартиби жөнүндө жобо;<br>● муниципалдык кызматтардын өндүрүшүнүн типтүү регламенти | Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча) | 2014-жылдын 1-апрелине чейин | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| | ❷ Базалык реестрге кирген муниципалдык кызматтардын стандарттарынын долбоорлорун иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бекитүүсүнө киргизүү | Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2014-жыл | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |

| Миддеттер | Иш-чаралар | Аткаруучулар жана бирге аткаруучулар | Мөөнөтү | Каржылоо булагы |
|---|---|---|---|---|
| | ❸ «Бирдиктүү терезе» принцибин берүү менен муниципалдык кызматтарды которуу боюнча мамлекеттик башкаруу органдары менен макулдашылган мамилелерди иштеп чыгуу | Экономмин, Мамкаттоо, Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ЖӨБ органдары, (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2014-2015 -жылдар | Республикалык бюджет, жергиликтүү бюджеттер, донордук каражаттар |
| | ❹ Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын бирдиктүү порталын иштеп чыгууга жана киргизүүгө көмөк көрсөтүү | Экономмин, Этностор агенттиги, Мамкаттоо, ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2014-2015 -жылдар | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| | ❺ Жыл сайын отчет тапшыруу менен муниципалдык кызматтардын сапаты боюнча мониторинг өткөрүү жөнүндө типтүү жобону (колдонмону) иштеп чыгуу жана кабыл алуу | Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2014-жыл | Республикалык бюджет, жергиликтүү бюджеттер, донордук каражаттар |
| **1.4-милдет.** Башкарууну аймактык жана административдик оптималдаштыруу | ❶ Айылдык аймактарды ирилештирүү моделин иштеп чыгуу жана бюджеттик-экономикалык жактан стимулдаштыруу чараларын жана түшүндүрүү иштерин эсепке алуу менен пилоттук этапты өткөрүү | Этностор агенттиги, Финмин, Экономмин, мамлекеттик органдар, Стратегиялык изилдөө институту, КРӨнүн облустардагы өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар | 2014-2016 -жылдар | |
| | ❷ Каржы-экономикалык жактан стимулдаштыруу механизмдери менен айыпдык аймактарды ирилештирүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун долбоорун даярдоо | Этностор агенттиги, Мамкаттоо, Финмин, Экономмин, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), КРӨнүн облустардагы өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар | 2016-жылдын 1-январына чейин | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| | ❸ Айыл аймактарын чыңдоонун алкагында айыл башчыларынын статусун жогорулатуу жана ыйгарым укуктарын кеңейтүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуш киргизүү жана иштеп чыгуу | Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), КРӨнүн облустардагы өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар | 2014-2015 -жылдар | Талап кылынбайт |
| | ❹ Күтүлбөгөн кырсыктардын тобокелдигин төмөндөтүү боюнча функцияларды жергиликтүү өз алынча башкаруу органдарына берүүнүн максатка ылайыктуулугун иликтөө | ӨКМ, Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), КРӨнүн облустардагы өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар | 2014-жыл | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |

| Миддеттер | Иш-чаралар | Аткаруучулар жана бирге аткаруучулар | Мөөнөтү | Каржылоо булагы |
|---|---|---|---|---|
| **1.5-милдет.** Электрондук башкаруу технологиясын киргизүү | ❶ ЖӨБ органдарынын ишин автоматташтыруу боюнча типтүү долбоордук чечимдерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу (иш кагаздары, пландоо, статистика, финансы, муниципалдык менчик, муниципалдык веб-сайттар ж.б.) | Мамлекеттик органдар, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), КРӨнүн облустардагы өкүлдөрү | 2014-2017 -жылдар | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| | ❷ Мамлекеттик органдар менен (статистика, бюджет ж.б.) ЖӨБ органдарынын электрондук маалымат алмашуу стандарттарын жана уюштуруу-техникалык регламенттерин иштеп чыгуу жана кабыл алуу | Мамлекеттик органдар, ЖӨБ органдары (макулдашуу боюнча) | 2014-2015 -жылдар | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| **1.6-милдет.** ЖӨБ союзунун жана муниципалдык ассоциациялардын ролун жогорулатуу | ❶ Мамлекеттик бийлик органдары тарабынан чечимдерди иштеп чыгууда жана кабыл алууда жумушчу органдын курамында муниципалдык ассоциациялардын катышуусун караштыруу | Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча) | 2014-жылдын 1-апрели | Талап кылынбайт |
| | ❷ ЖӨБ союзунун өнүгүшүн жана потенциалын чыңдоо программасын иштеп чыгуу жана кабыл алуу | ЖӨБ союзу, (макулдашуу боюнча), ЖӨБ органдары (макулдашуу боюнча) | 2014-жыл | ЖӨБ союзунун бюджети, донордук каражаттар |
| **2-багыт. Финансылык туруктуулукту чыңдоо, ресурстук базаны кеңейтүү жана жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү** | | | | |
| **2.1-милдет.** Жергиликтүү деңгээлде бюджеттик жана салык саясатын өркүндөтүү | ❶ Өбөлгө түзүүчү гранттарды бөлүштүрүү боюнча функцияларды райондук деңгээлдерге өткөрүп берүүнү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдында демилгелөө | Этностор агенттиги, Финмин, КРӨнүн облустардагы өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар | 2014-жыл | Республикалык бюджет |
| | ❷ ЖӨБ органдарынын туура келбеген функцияларын жергиликтүү бюджеттик каржылоодон чыгаруу бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечиминин долбооруна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жана иштеп чыгуу | Этностор агенттиги, Финмин | 2014-2015 -жылдар | Республикалык бюджет |
| | ❸ ЖӨБ органдарынын негизсиз чыгашаларын кыскартуунун механизмдерин иштеп чыгуу | Финмин, Этностор агенттиги, КЭУ (макулдашуу боюнча) | 2014-жыл | Республикалык бюджет |
| | ❹ ЖӨБ органдарынын салык инспекциялары менен киреше бөлүгүн болжолдоодо биргелешип иштөө, салыктын айрым түрлөрүн башкаруу механизмдерин иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштоо | Финмин, МСК, ЖӨБ органдары (макулдашуу боюнча) | 2014-жыл | Республикалык бюджет |
| | ❺ Жергиликтүү салыктардын жана жыйымдардын түрлөрүн кеңейтүү боюнча мыйзам долбоорун иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштоо | Этностор агенттиги, Финмин, МСК | 2015-жыл | Республикалык бюджет |

| Миддеттер | Иш-чаралар | Аткаруучулар жана бирге аткаруучулар | Мөөнөтү | Каржылоо булагы |
|---|---|---|---|---|
| **2.2-милдет.** Жергиликтүү коомчулуктардын ресурстарын башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу жана шарттарды түзүү | ❶ Айыл аймактарынын жана шаарлардын аймактарында болгон жергиликтүү жаратылыш ресурстарын кошуу менен муниципалдык менчикти инвентаризациялоону аяктоо | АЧММ, Этностор агенттиги, КРӨнүн облустардагы өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, ЖӨБ органдары (макулдашуу боюнча) | 2014-жыл | Жергиликтүү бюджеттин каражаттары, донордук каражаттар |
| | ❷ Муниципалдык кыймылсыз мүлктүн ачык-айкын рыногун калыптандыруу үчүн Мамкаттоонун вебресурстарындагы алар менен бүтүмдөрдү түзүү жөнүндөгү маалыматтарды жарыялоо жолу менен шарттарды түзүү | Мамкаттоо, Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ЖӨБ органдары, (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2014-жылдын 1-июлуна чейин | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| | ❸ Жергиликтүү кен байлыктарга узак мөөнөткө ээлик кылууну жана пайдаланууну ЖӨБ органдарына өткөрүп берүү боюнча айрым укуктук ченемдик актыларды иштеп чыгуу жана аларга толуктоолорду, өзгөртүүлөрдү киргизүү | Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ЖӨБ органдары, (макулдашуу боюнча) | 2014-жыл | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| | 4. Бирдиктүү ишканаларды жана акционердик коомдорду түзүүдө муниципалдык менчикти күрөө жана үлүштүк катыш катарында пайдалануу механизмдери жөнүндө иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуш киргизүү | Экономмин, Этностор агенттиги | 2014-2015 -жылдар | Республикалык бюджет |
| | 5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен тоо кендерин казып алуу компанияларынын өз ара мамилелери боюнча тиешелүү укуктук ченемдик актыларга толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү | Экономмин, Финмин, МСК, Геология агенттиги, Эгностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча) | 2014-жыл | Республикалык бюджет, тоо кендерин казып алуу компаниялары |
| **2.3-милдет.** Жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүнү камсыздоо | ❶ Жергиликтүү өнүктүрүү стратегиясы жана программалары боюнча бирдиктүү типтүү методологияны иштеп чыгуу | Этностор агенттиги, Экономмин, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2014-жыл | Донордук каражаттар |
| | ❷ «Муниципалдык жеке өнөктөштүк жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгуу | Этностор агенттиги, Экономмин, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча) | 2014-2015 -жылдар | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| | ❸ «Кепилдик фонддор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруунун механизмин иштеп чыгуу | Экономмин, Этностор агенттиги, бизнес-коомчулук (макулдашуу боюнча) | 2013-2017 -жылдар | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| | ❹ Жергиликтүү өнүгүү фонддорун түзүү тажрыйбаларын, «Бир айыл-бир продукт» принцибин ж.б., тажрыйбаларды үйрөнүү, жайылтуу жана сунуштоо | Экономмин, Этностор агенттиги, бизнес-коомчулук (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2013-2017 -жылдар | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |

| Миддеттер | Иш-чаралар | Аткаруучулар жана бирге аткаруучулар | Мөөнөтү | Каржылоо булагы |
|---|---|---|---|---|
| **2.4-милдет.** Муниципалитеттер арапык кызматташтыкты өнүктүрүү жана мыкты тажрыйбаларды жайылтуу | ❶ Жалпы социалдык жана чарбалык маселелерди биргелешип чечүү боюнча муниципалитеттер аралык кызматташтыкты колдоону жана өнүктүрүүнү өбөлгөлөгөн уюштуруу жана укуктук чечимдердин долбоорун иштеп чыгуу | Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2013-2015 -жылдар | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| | ❷ Муниципалитеттер аралык кызматташуу практикасынын мыкты үлгүлөрүн жана алдыңкы тажрыйбаларын электрондук жана басма сөз ЖМК аркылуу жайылтуу | Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2013-2017 -жылдар | Республикалык каражаттар, донордук каражаттар |
| **3-багыт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын уюштуруучулук жана укуктук ишинин натыйжалуулугун өркүндөтүү** | | | | |
| **3.1-милдет.** ЖӨБдүн ченемдик жана укуктук базасынын туруктуулугун камсыздоо | ❶ Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мыйзам чыгаруу базасын инвентаризациялоо, төмөнкүдөй негизги чөйрөлөрдөгү карама-каршылыктарды аныктоо:<br>● жер мамилелери,<br>● бюджеттик процесс<br>● административдик жол-жоболор<br>● жер пайдалануу<br>● ЖӨБ органдарын түзүү<br>● муниципалдык менчик жана башка чөйрөлөрдө | Этностор агенттиги, Геология агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2014-жыл | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| | ❷ Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө тиешелүү маселелерди макулдашуу жана алдын ала талкуулоо бөлүгүндө айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун долбоорун даярдоо | Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча) | 2014-жылдын 1-апрелине чейин | Талап кылынбайт |
| | ❸ Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Ведомстволор аралык комиссияны түзүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечиминин долбоорун даярдоо | Этностор агенттиги | 2014-жылдын 1-апрелине чейин | Талап кылынбайт |
| | ❹ Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан колдонулуучу ченемдик-укуктук актыларга алдын ала укуктук экспертиза жүргүзүүнүн тартибин иштеп чыгуу | Этностор агенттиги, Юстмин, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), | 2014-жылдын 1-апрелине чейин | Талап кылынбайт |

| Миддеттер | Иш-чаралар | Аткаруучулар жана бирге аткаруучулар | Мөөнөтү | Каржылоо булагы |
|---|---|---|---|---|
| **3.2-милдет.** Мамлекеттик бийлик жана ЖӨБ органдарынын функцияларын чектеп бөлүү | ❶ Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бардык ыйгарым укуктарына жана функцияларына алардын натыйжалуу аткарылышы жана ресурстук камсыздоосу боюнча текшерүү жүргүзүү | Этностор агенттиги, Финмин, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2014-жылдын 1-сентябрына чейин | Талап кылынбайт |
| | ❷ Милдеттүү функцияларды каржылоо менен, жергиликтүү маанидеги маселелерди милдеттүү жана кошумча деп бөлүү аркылуу функцияларды оптималдаштыруу | Финмин, Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2015-жылдын 1-январына чейин | Талап кылынбайт |
| **3.3-милдет.** ЖӨБ органдарынын ишине мониторинг жүргүзүү жана баалоо | ❶ Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун жол-жоболорун, критерийлердин жана көрсөткүчтөрдүн балансталган топтомун иштеп чыгуу | Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2014-жыл | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |
| | ❷ Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине мезгилдүү баа берүү жана дайыма мониторинг жүргүзүү жөнүндө токтомдун долбоорун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө киргизүү | Этностор агенттиги, ЖӨБ союзу (макулдашуу боюнча), ӨЭУ (макулдашуу боюнча) | 2014-жыл | Республикалык бюджет, донордук каражаттар |

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимдерин чыгарууга, ошондой эле мыйзам долбоорлорун билгиленген мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизүүгө, тиешелүү министрликтер жана ведомстволор менен бирге, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрү да жоопттуу аткаруучулар болуп эсептелет.

**Эскертүү:**

| | | |
|---|---|---|
| **Этностор агенттиги** | - | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик |
| **Юстмин** | - | Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги |
| **Финмин** | - | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги |
| **Экономмин** | - | Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги |
| **ӨКМ** | - | Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги |
| **АЧММ** | - | Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация министрлиги |
| **БШК** | - | Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы |
| **МКК** | - | Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы |
| **Мамкаттоо** | - | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы |
| **МСК** | - | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы |
| **Геология агенттиги** | - | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттиги |
| **Башкаруу академиясы** | - | Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы мамлекеттик башкаруу академиясы |
| **Мамлекеттик органдар** | - | аткаруу бийликтин мамлекеттик органдары |
| **КРӨнүн облустардагы өкүлдөрү** | - | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү |
| **ЖМА** | - | жергиликтүү мамлекеттик администрациялар |
| **УСИИ** | - | Кыргыз Республикасынын Улуттук стратегиялык изилдөөлөр институту |
| **ЖӨБ органдары** | - | жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары |
| **ЖӨБ союзу** | - | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу Союзу |
| **ӨЭУ** | - | өкмөттүк эмес уюмдар |
| **ӨЭКУ** | - | өкмөттүк эмес коммерциялык уюмдар |
| **КЭУ** | - | коммерциялык эмес уюмдар |

# Кыргыз Республикасында административдик-аймактык реформанын концепциясы

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

**Бишкек шаары, 2012-жылдын 23-марты, N 198**

### Кыргыз Республикасындагы администрациялык-аймактык реформанын концепциясы жөнүндө

**(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 28-октябрындагы N 581 токтомунун редакциясына ылайык)**

Мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу институттарынын потенциалын өстүрүүгө, вертикалдык жана горизонталдык башкарууну жогорулатууга багытталган аткаруучу бийликтин натыйжалуу, бүтүн жана ачык тутумун өлкөдө калыптандыруу, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы N11 «2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы жөнүндө» Жарлыгы менен бекитилген 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында аныкталган мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кадрдык потенциалын чыңдоо, толук кандуу жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү маселелерин чечүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 28-октябрындагы N 581 токтомунун редакциясына ылайык)

❶ Бекитилсин:

- 1-тиркемеге ылайык Кыргыз Республикасындагы администрациялык-аймактык реформанын концепциясы (мындан ары - Концепция);
- 2-тиркемеге ылайык Кыргыз Республикасындагы администрациялык-аймактык реформанын концепциясын ишке ашыруу боюнча Координациялык кеңеш жөнүндө жобо.

❷ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик бир айлык мөөнөттө Концепцияны ишке ашыруу боюнча пландын долбоорун Кыргыз Республикасындагы администрациялык-аймактык реформанын концепциясын ишке ашыруу боюнча координациялык кеңештин бекитүүсүнө белгиленген тартипте киргизсин.

(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 28-октябрындагы N 581 токтомунун редакциясына ылайык)

❸ Министрликтер жана ведомстволор, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, мамлекеттик бийликтин башка органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

- Концепцияны ишке ашырууга ар тараптуу жардам көрсөтүшсүн;
- (КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 28-октябрындагы N 581 токтомуна ылайык күчүн жоготту)

(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 28-октябрындагы N 581 токтомунун редакциясына ылайык)

❹ (КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 28-октябрындагы N 581 токтомуна ылайык күчүн жоготту)

❺ Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын уюштуруу-инспектордук иштер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу бөлүмүнө, мамлекеттик башкаруу жана кадрдык иштер бөлүмүнө тапшырылсын.

(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 28-октябрындагы N 581 токтомунун редакциясына ылайык)

❻ Бул токтом расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

«Эркин Тоо» газетасынын 2012-жылдын 20-апрелинде N 33-34 жарыяланды

**Кыргыз Республикасынын Премьер-министри**
**Ө.Бабанов**

**1-тиркеме Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 3-мартындагы N 198 токтому менен бекитилген**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК-АЙМАКТЫК РЕФОРМАНЫН КОНЦЕПЦИЯСЫ

**(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 28-октябрындагы N 581 токтомунун редакциясына ылайык)**

## I. Кириш сөз

Акыркы жылдарда Кыргызстанда мамлекеттик жана коомдук жашоонун көптөгөн чөйрөлөрүндө реформалар жүргүзүлүүдө. Коомдо мамлекеттин, анын функцияларынын ролун, борбор менен региондордун ортосундагы мамилени жаңыча түшүнүүнүн тенденциялары байкалууда. Ошол эле учурда кечиктирилгис социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүү, калктын жашоосунун сапатын жана деңгээлин жакшыртуу үчүн натыйжалуу мамлекеттик бийликтин болушу зарыл. Алдыда боло турган административдык-аймактык реформа биринчи кезекте мамлекеттик башкаруунун оптималдуу тутумун түзүүгө багытталат. Тажрыйба көрсөткөндөй, бул узакка созулуучу, татаал иш болуп эсептелет, ал бүткүл коомдун күч-аракетин талап кылат. Ошол эле учурда шашылыш жана ойлонулбаган чечимдер олуттуу экономикалык жана социалдык жоготууларга алып келиши мүмкүн.

Республикада административдык-аймактык реформаны өткөрүүнүн, анын ичинде аймактык бирдиктерди ирилештирүүнү, башкаруу борборлорунун жайгашуучу жерлерин тандоону, калкка мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жеткиликтүү кылууну, жаңы административдык-аймактык бирдиктерди финансылык камсыздоону эске алуу менен өткөрүүнүн зарылдыгы бышып жетилди.

Административдык-аймактык реформаны иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун максаты болуп региондордун потенциалын күчөтүүгө жана калктын жашоосун жакшыртууга багытталган мамлекеттик жана муниципалдык башкаруунун натыйжалуу системасын түзүү эсептелет.

Бул максаттарга жетишүү үчүн төмөнкү маселелерди чечүү каралат:

- мамлекеттик жана муниципалдык башкаруунун түзүмүндөгү бирин-бири кайталоону жоюу, алардын ишинин натыйжалуулугун көтөрүү, бюджеттик сарптоолорду кыскартуу;
- региондордун потенциалын күчөтүү, алардын финансылык өз алдынчалыгын чыңдоо;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн жеткиликтүү жана натыйжалуу системасын түзүү;
- элдик курултайлардын натыйжалуу иштөөсү үчүн шарттарды түзүү;
- кадрдык саясатты өркүндөтүү;
- ченемдик укуктук базаны шайкеш келтирүү.

Административдык-аймактык реформаны ишке ашырууда төмөнкүдөй базалык принциптер эске алынат:

- адамдын жана жарандын артыкчылыгы, мамлекетти адамдын укуктарын, коопсуздукту, бейпил жашоону камсыз кылуу, адамды жана коомду өнүктүрүүчү инструмент катары кароо;
- мамлекеттин аймагынын бирдиги, бүтүндүгү жана ажырагыстыгы;
- коомдук жашоону жана мамлекеттик башкарууну уюштурууда демократиялык ыкмаларды сактоо;
- үнөмдөө жана жыйынтыктуулук;
- региондордун социалдык, демографиялык, тарыхый, маданий жана экологиялык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу;
- реформаны өткөрүүнүн ачык-айкындыгы.

## II. Колдонуудагы административдык-аймактык системаны талдоо

Административдык-аймактык түзүлүш, бийликти аймактык уюштуруу өлкөнүн социалдык-экономикалык, саясий, маданий өнүктүрүүнүн, калкка сапаттуу мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн маселелерин жана коомдун жашоосун уюштуруунун башка көптөгөн көйгөйлөрүн чечүүдө маанилүү ролду ойнойт.

Кыргызстанда административдык-аймактык түзүлүш калктын тигил же бул мезгилдеги кызыкчылыгын эске алуу менен мамлекеттин тарыхый өнүгүү процессинде калыптанган. Өлкөбүздүн административдык-аймактык реформасы узак тарыхка ээ жана ал республиканын Россия империясынын, андан кийин - Советтер Союзунун курамына кирген убагынан бери башталат.

Кыргызстанда эгемендик жылдарында өлкөбүздүн административдык-аймактык тукумун кескин реформалоо аракеттери өткөн кылымдын

90-жылдардын орто ченинде жана 2007-2011-жылдары көрүлгөн.

Иш жүзүндө административдик-аймактык түзүлүштү реформалоо процесси перманенттүү мүнөзгө ээ болуп, ушул кезге чейин тигил же бул башкаруу баскычтарын өзгөртүү, аймактык кайра уюштуруу түрүндө гана жүргүзүлгөн.

«Кыргыз Республикасында административдик-аймактык түзүлүш системасын кайра уюштурууга концепциялык мамиле кылуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2007-жылдын 4-июлундагы N 333 Жарлыгын кабыл алуу административдик-аймактык реформаны өткөрүүнүн акыркы мезгилдеги олуттуу аракети болуп калды.

Бул Жарлыкты чыгарууга өлкөнүн административдик-аймактык бөлүнүшүндөгү логиканын жоктугу себеп болуп калды. Алсак, Ош облусунун Кара-Суу районунун элинин саны Талас жана Нарын облусунун элинин санынан көп. Ошол эле учурда элинин саны жыйырма миң адамдан ашпаган райондор бар, бул айрым айылдарга караганда аз болуп эсептелет. Башкаруунун ар кандай деңгээлдеринде функциялары бирин-бири кайталаган мамлекеттик чиновниктердин олуттуу штатынын болушу реформаны жүргүзүүнүн дагы бир себеби болуп калды.

Указ менен сунуш кылынган административдик-аймактык реформа 3 этапты камтыган. Реформанын биринчи этабында (2007-2008-жылдары) башкаруунун көптөгөн облустук түзүмдөрү жоюлуп, бирок кийин алар башкаруунун региондор аралык түзүмдөрүндө өзгөртүлүп түзүлгөн, ал эми айрымдары кайра калыбына келтирилген.

Реформанын экинчи этабы (2009-2010-жылдары) экинчи этаптын логикалык уландысы болууга тийиш жана мамлекеттик башкаруунун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аткарган функцияларын түзүмдүк талдоонун негизинде айрым райондорду жана айылдык аймактарды бириктирүү аркылуу административдик-аймактык бирдиктерди ирилештирүүгө жакындоого мүмкүндүк берет. Иш жүзүндө ирилештирүү республикалык жана облустук маанидеги шаарлардын курамына кирген бир катар айылдык аймактарга гана жүргүзүлдү.

Реформанын үчүнчү этабында (2010-2011-жылдары) башкаруунун төрт баскычтуу тутумунун милдеттерди жана функцияларды кайра бөлүштүрүүнүн негизинде үч баскычтуу тутумга өтүү менен Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү процесстери башталууга тийиш.

Бирок, бул Жарлык толук ишке ашкан жок жана 2010-жылы күчүн жоготту деп табылган. Тутумсуз жана аягына толук чыкпаган өзгөртүүлөрдү жүргүзүүнүн айынан бир катар проблемалар чечилбей калган. Ошондуктан мындай абал республиканын административдик-аймактык түзүлүшүн реформалоону кайра жандандырууга негиз болуп жатат.

Мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатууда белгилүү бир жыйынтыктарга 2012-жылы жана 2013-жылдын өткөн мезгилинде жүргүзүлгөн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы N 198 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында административдик-аймактык реформанын концепциясынын айрым иш-чараларын ишке ашыруунун этабында жетишилди:

- облустардын мамлекеттик администрацияларынын базаларында тиешелүү аппараттары бар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн институттары түзүлдү;
- шаар тибиндеги он тогуз поселок кайра түзүлдү, анын алтоо - шаар, он үчү - айыл аймагы болуп түзүлдү;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызматка компетенттүү жана квалификациялуу адистерди тартуу жана кармап калуу максатында 2013-жылдын августунан баштап жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын эмгек акысы эки жана андан көп эсе көтөрүлдү. 2013-жылдын октябрынан баштап мамлекеттик башкаруу органдарынын эмгек акысы салыштырмалуу төмөн болгон мамлекеттик кызматчылардын эмгек акысын көтөрүү каралган;
- мамлекеттик кызмат көрсөтүү чөйрөсүн оптималдаштыруу алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы N 85 токтому менен Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестри, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 3-сентябрдагы N 603 токтому менен Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн типтүү стандарты түзүлгөн жана бекитилген, анын негизинде мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатынын стандарты иштелип чыгууда. Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестрин түзүү жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн типтүү стандартын иштеп чыгуу боюнча иш жүргүзүлүүдө.

Ошону менен бирге эле, бийликтин жана башкаруунун жергиликтүү органдарынын ишинин натыйжалуулугуна жүргүзүлгөн анализ жер-жерлерде ишти уюштуруудагы жана мамлекеттик программаларды натыйжалуу аткаруудагы бир катар тутумдук көйгөйлөрдү аныктады. Атап айтсак:

- аткаруу бийлигинин башкаруу органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүндө жана борбордук мамлекеттик органдарында гана, же болбосо төмөнкү деңгээлде - калктын жана аймактардын көптөгөн маселелери мүмкүнчүлүктүн чектелгенинен улам талаптагыдай деңгээлде чечилбей

жаткан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында топтоо;

- айрым мамлекеттик органдар көбүнесе чарбалык иш-милдеттерди аткарышып, саясатты иштеп чыгуу, тийиштүү тармактардагы стратегиялык көрө билүү функцияларын ишке ашырбагандыктан саясат жана чарба жүргүзүүнү аралаш алып баруу - дайым эле өзүн актай бербейт жана алардын функциясына таандык болбойт;
- жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын мамлекеттик аткаруу бийлигин ишке ашыруусун координациялоодогу жана функциялык, ресурстук жаткан чектелгендиктен улам аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүү маселелерин комплекстүү чечүүдө Президенттин, Жогорку Кеңештин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн стратегиялык демилгелерин жеринде ишке ашыруудагы алсыздыгы;
- жергиликтүү бийлик органдарынын, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жада калса жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүүдөгү жоопкерчилигинин төмөндүгүнөн улам мындай маселелер жогору турган башкаруу деңгээлдерине даректелет;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жана мамлекеттик органдардагы учурдун талабына жооп берүүчү, кадрдык потенциалды жеринде андан ары натыйжалуу өнүктүрүүнү камсыз кылуу жана түзүү боюнча тутумдуу кадрдык иштерди жүргүзүүнүн жана уюштуруунун алсыздыгы.

Калкка мамлекеттик кызмат көрсөтүүдө бирдиктүү, түшүнүктүү жана сапаттуу тутумдун жоктугу көйгөй боюнча кала берүүдө. Калктын мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү алуусу бюрократчылыктан жана мөөнөттөрдүн узактыгынан улам кыйынчылыкка туш болууда. Мамлекеттик кызматчыларга түрткү берүү тутуму иштелип чыккан эмес, ошондуктан коррупциянын жогорку деңгээли сакталып калууда.

Жергиликтүү өнүгүүнүн маанилүү маселелеринин ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү маанидеги, өткөрүлүп берилген мамлекеттик маселелерди аткаруу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функциялык жана ресурстук алсыздыгы ошол бойдон калууда.

Мына ошентип, администрациялык-аймактык түзүлүштүн орун алган тутуму өлкөдө жана коомдо түзүлүп жаткан жаңы мамилелердин толук ченемине ылайык келбейт, калктын татыктуу жашоосун жана аймактардын натыйжалуу өнүгүүсүн камсыз кылууга чакырылган башкаруунун натыйжалуу тутумун жөнгө салуу милдеттерине жооп бербейт.

Өлкөнүн аймагында башкарууну уюштуруунун өнүгүү максаттарына жооп берген моделине өтүү боюнча аракеттердин ырааттуулугун камсыз кылуу максатында мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө кадрдык саясатты оптимизациялоо маселеси менен администрациялык жана администрациялык-аймактык реформаларды өткөрүүнү бир убакытта жүргүзүү зарыл.

## III. Кыргыз Республикасында администрациялык-аймактык реформанын негизги багыттары

Азыркы учурда өлкөнүн администрациялык түзүлүшү башкаруунун 4 деңгээлин камтыйт: борбордук, облустук, райондук жана муниципалдык (шаарлар жана айылдар).

Администрациялык-аймактык түзүлүштүн сунушталган модели айрым администрациялык-аймактык бирдиктерди ирилештирүүнүн жана мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу органдарынын ишин өркүндөтүүнү болжолдойт.

Администрациялык-аймактык түзүлүштү реформалоону жүргүзүү администрациялык реформаны ишке ашырууну, башкарууну оптималдаштырууну жана башкаруу субъекттеринин ортосунда функцияларды жана ыйгарым укуктарды кайра бөлүштүрүүнү ажыратылгыс байланыштырууну талап кылат. Аймактык түзүлүштү жана өлкөнү башкаруу деңгээлдерин рационалдаштыруу, баштапкы аймактарды ирилештирүү боюнча да оптималдаштыруу маселеси функциялык жана ресурстук тең салмактуулукка көмөк берүүгө тийиш.

Жыйынтыгында аймактык башкаруунун жыйнактуу, натыйжалуу уюшулган, тийиштүү компетенциялардын көлөмү жана жеткиликтүү ресурс менен камсыз болгон туруктуу тутумга ээ болуу зарыл.

Администрациялык-аймактык түзүлүштүн жаңы моделин киргизүү башкаруу тутумуна жаңы сапаттык өзгөрүүлөрдү киргизүүгө, башкаруучулуктун дисбалансына жол бербөөгө багытталган этаптуу кадамдарды ырааттуу ишке ашырууну талап кылат. Буга байланыштуу реформанын төмөнкү этаптуу багыттарын ырааттуу ишке ашыруу керек.

### 1. Биринчи этап (2013-2014-жылдар)

Бул этапта төмөнкүлөр каралат:

- башкаруунун аймактык деңгээлдеринде жоопкерчиликти жогорулатуу жана функцияларды оптималдаштыруу;
- финансылык борбордон алыстатуу;
- мамлекеттик программаларды жана башкаруунун натыйжалуулугун баалоону өркүндөтүү жана ишке ашырууну мониторингдөө;
- кадрдык потенциалды жогорулатуунун туруктуу системасын түзүү.

### 1.1. Башкаруу деңгээлдеринде жоопкерчиликти жогорулатуу жана функцияларды оптималдаштыруу

Функциялык жана түзүмдүк оптималдаштыруу процесстери вертикалдык жана горизонталдык байланышты жана башкаруу тутумунун бүтүндүгүн камсыз кылууга, башкаруу жана бийлик тутумунун түзүмдүк жана функциялык стабилдүүлүгүнө узак мөөнөттүү мезгилде жетүүгө багытталууга тийиш.

Башкаруунун ар бир деңгээлиндеги функцияларды чектеп бөлүштүрүү жана жоопкерчиликтин так чөйрөлөрүн аныктоо боюнча алардын иштеринин кайталанышын жокко чыгаруу принциби боюнча ишти улантуу зарыл. Бул мамлекеттик органдардын түрлөрү боюнча функцияларды типтештирүүнүн эсебинен жетишилип, саясатты чарба жүргүзүү функцияларынан бөлүүнүн артыкчылыгы менен жүргүзүлөт. Башкаруунун ар бир деңгээли үчүн өзүнүн компетенциясынын жана жоопкерчилигинин көлөмү каралып, бир эле маселе боюнча бир нече чечимдерди кабыл алууну жокко чыгарууга тийиш.

Башкаруунун борбордук жана аймактык органдарынын ортосунда функцияларды жана ыйгарым укуктарды чектеп бөлүштүрүп, чарба жүргүзүү жана аткаруу функцияларын көбүнесе башкаруунун райондук деңгээлинде топтоп, анда стратегиялык демилгелерди ишке ашырууну координациялоо жана мониторингдөө функцияларын да күчөтүү керек.

Мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы функцияларды конкреттештирүү жана рационалдуу бөлүштүрүү, өзгөчө башкаруунун райондук жана муниципалдык түзүмдөрүнүн ортосунда жоопкерчиликти чектеп бөлүштүрүү маселелери алдыда турат. Иш жүзүндө жергиликтүү өз алдынча иш башкаруунун өзүнүн (гана) ыйгарым укуктарына кийлигишүүгө тыюу салууга жетишүү жана мыйзамдарды жана өткөрүлүп берилген мамлекеттик функцияларды тиешелүү аймактардагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аткаруусуна мамлекеттик администрациялык контролду ишке ашыруу жол-жоболорун ийне-жибине чейин жазып чыгуу зарыл.

Аткаруу бийлигинин тутумунда да, жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлинде да функцияларды жана жоопкерчиликтерди борбордон алыстатуу жана топтоодон баш тартуу саясаты бул чараларды ишке ашырууну финансылык-ресурстук камсыздоо менен бир эле убакытта рационалдуу тең салмактоого тийиш.

### 1.2. Финансылык борборлоштуруудан бөлүү

Аймактарда милдеттерди толук өнүктүрүү жана натыйжалуу аткаруу башкаруу органдарынын ортосундагы финансылык ыйгарым укуктарды чектөөлөрдү жана аларды финансылык камсыздоонун механизмин түзүүнү талап кылат. Тиешелүү ыйгарым укуктардын максималдуу түрдө натыйжалуу ишке ашырылышы камсыздалуучу, адекваттуу киреше жана чыгаша базасы түзүлүүчү башкаруунун деңгээлине өткөрүп берүү менен бюджеттик жана башка каражаттарды борборлоштуруудан бөлүүнү жана бир жерде топтоштуруудан бөлүүнү ишке ашыруу керек.

Жергиликтүү бийлик органдары, өзгөчө баштапкы (муниципалдык) жана райондук деңгээлдеги органдар өздөрүнө алган милдеттерин өз алдыларынча камсыз кылууга жана ал үчүн аларга бекитип берилген бюджеттик жана башка булактарга ээ болууга тийиш.

Райондук деңгээлдеги башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бюджеттик жана программалык демилгелерин жүргүзүүгө жооптуу болушу керек. Жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу маселелери боюнча мамлекеттик органдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүсүнө талаптарды ченемдик жактан бекемдөө зарыл.

Жергиликтүү бюджетке түшүүчү салыктардын жана жыйымдардын айрым түрлөрүн башкарууну өткөрүп берүүнү аяктоо, салыктык башкарууну жакшыртуунун, жергиликтүү салыктарды болжолдоонун жана жыйноонун толуктугун камсыз кылуунун, республиканын мыйзамдарына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү менен жер жерлерде жыйымдардын түрлөрүн кеңейтүүнүн эсебинен региондордун киреше базасын көбөйтүү саясатын жүргүзүү керек. Ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү, административдик айыптарды алуу менен бийликтин жергиликтүү органдарынын өз алдынчалыгын камсыздоо механизмин даярдоо керек.

Финансылык борборлоштуруудан бөлүүнүн негизи болуп бюджеттик каражаттарды түзүүдө жана натыйжалуу пайдаланууда жергиликтүү бийлик органдарынын жана башкаруунун жоопкерчиликтерин жогорулатуу максатында өздүк кирешелерди алуу жана аларды чыгымдоо багыттарын аныктоо укугу менен финансылык-бюджеттик өз алдынчалыкты белгилөө болуп калат.

Жергиликтүү бийлик органдарына чоң жоопкерчилик жана укуктарды берүү жагына трансферттик саясатты кайра куруу керек. Мамлекеттик трансферттер аймактарды социалдык-экономикалык жана стратегиялык өнүктүрүүгө багытталышы керек.

Бюджетти пландоо тутуму орто мөөнөттүү мезгилге (үч жыл) багытталышы керек, ал эми аны түзүүнү натыйжага жетүүгө жана аймактарды стратегиялык өнүктүрүүгө багытталган программалык форматта практикалоо керек.

Өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү региондук пландарын иштеп чыгууну жана ишке ашырууну камсыздоо алдыда турат, алар инвесторлор үчүн белгилүү аймактагы түрдүү тармактарды, иш чөйрөлөрүн жана инфратүзүмдү өнүктүрүүгө карата багыт болуп эсептелет.

### 1.3. Мамлекеттик программаларды баалоону жана ишке ашыруу мониторингин өркүндөтүү жана башкаруунун натыйжалуулугу

Мамлекеттик программаларды баалоого жана аткарууга мониторинг жүргүзүү тутумун түзүү алдыда турат, ал мамлекеттик жана муниципалдык башкаруунун сапатын жана натыйжалуулугун, ушул программаларды ишке ашыруунун натыйжаларына жарандардын канааттануусун өлчөөнү эсепке алуу менен тиешелүү аймактардагы социалдык-экономикалык кырдаалдын өзгөрүшүнүн таасирин аныктоого мүмкүндүк берет. Мониторинг жана баалоо проблемаларды чечүү үчүн өз учурундагы чараларды көрүү максатындагы мамлекеттик жана аймактык программалардын (стратегиялардын) төмөнкү натыйжалуулугунун себептерин идентификациялоонун иштиктүү механизми болууга тийиш.

Мамлекеттик программаларды баалоо мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштеринин натыйжалуулугун баалоо методдорун жана каражаттарын өркүндөтүүнү талап кылат, буга төмөнкүлөр да кирет: мониторингдин жана баалоонун маалыматтарына, башкаруу органдарынын натыйжалуулугунун индикаторлоруна таянуу менен башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу тутумун өркүндөтүү.

Мамлекеттик программаларды ишке ашыруунун жана башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо тутуму мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарын жекече баалоону жана иштин жыйынтыгы үчүн алардын жоопкерчиликтерин киргизүү механизмдери менен да байланыштырылууга тийиш. Жекече баалоонун базалык критерийлери жарандардын жашоо турмушун өнүктүрүүнү жана сапаттык өзгөртүүнү, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана жарандардын ага жете алышын; бюджеттик каражаттар менен башкаруунун натыйжалуулугун; башкарууда маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонууну; аймактарды өнүктүрүүгө жана потенциалдык жогорулатууга багытталган аймактарда жумуш орундарын түзүүнү камсыз кылуучу, коюлган программалык максаттарга жана милдеттерге жетүү болушу керек.

### 1.4. Калк үчүн мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоо

Калк үчүн мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү административдик-аймактык реформанын маанилүү курамдык бөлүгү болуп эсептелет. Ашыкча башкаруу бийлик органдарынын контролдоочу-көзөмөлдөөчү жана уруксат берүүчү функцияларынын жеткилеңсиздиги - ушул жана көптөгөн башка факторлор ишкердиктин өнүгүшүнө тоскоолдук кылат, инвестициялык кызыктыруучулугун төмөндөтөт, бул акыр аягында региондордо жана жалпы алганда республикада экономиканын динамикалык өнүгүшүн кыйындатат.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү оптималдаштыруу жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмегин түзүү боюнча иштерди улантуу максатында көрсөтүлүүчү мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын сапат стандарттарын иштеп чыгуу керек.

Белгиленген талаптарга ылайык келүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн көп функционалдуу борборлордун тарамын түзүү, сапатына мониторинг жүргүзүү тутумун жана калкка мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн түзүү керек (2012-2016-жылдар).

Көп функционалдуу борборлор калктын электрондук мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү алуучу жери болууга тийиш.

Жарандардын, өзгөчө алыскы региондордун жарандарынын кызмат көрсөтүүлөрдү алууга жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн мобилдүү көчмө борборлорун ишке киргизүүнү практикалоо керек.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү комплекстүү оптималдаштыруу жалпысынан кызмат көрсөтүүлөрдүн акыркы натыйжасын алуу үчүн зарыл болгон кайрылуулардын санын кыскартууга (анын ичинде ведомстволор аралык өз ара аракетти уюштуруу жолу менен), кызмат көрсөтүүлөрдүн мөөнөтүн кыскартууга, арыз ээлеринин материалдык сарптоолорунун чендерин аныктоого багытталган.

### 1.5. Кадрдык потенциалды жогорулатуунун туруктуу тутумун түзүү

Мамлекеттик жана муниципалдык органдардын керектөөлөрүнө ыкчам таасир этүүчү, мамлекеттик программаларды ишке ашырууну жана калкка сапаттуу кызмат көрсөтүүнү камсыз кылууга жөндөмдүү кадрдык потенциалды даярдоонун жана квалификациясын жогорулатуунун туруктуу иштөөчү тутумун түзүү керек. Квалификацияны жогорулатуу, кадрларды жылдыруу жана кызматтык функцияларды ишке ашыра баштоо тутумунун милдеттүү түрдөгү алдын алуучу элементи болууга тийиш.

Башкаруунун бүткүл тутумун, кадрларды тандоонун жана жылдыруунун механизмин өркүндөтүү өзгөчө көңүл бурууну талап кылат, анын негизинде жооптуу кызматта иштөө үчүн кесипкөйлүк жана

адекваттуу квалификациялык талаптарды белгилөө принциби гана болушу керек. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына кадрлар резервин түзүүнү, андан ары тиешелүү кызматтарды ээлөө үчүн аларды максаттуу түрдө алдын ала окутуунун маселелерин иштеп чыгуу керек.

Мансаптык өсүүнү жана мотивациялоону камсыздоо, тикелей жана горизонталдык кадр ротациясын түзүү үчүн мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын жол жоболорун интеграциялоо алдыда турат. Башкаруунун жана кадрдык потенциалдын сапатын жогорулатуу, жердешчилик, коррупциялашкандык жана башка тобокелдик факторлорун азайтуу каражаттарынын бири болуп «борбор-региондор», «регион-регион», «регион-борбор» принциби боюнча кадрларды ротациялоонун туруктуу иштөөчү милдеттүү механизми, персоналды ведомстволор аралык жана аймактар аралык ротациялоо, анын ичинде ведомствонун тутумундагы бөлүмдөр ортосунда ротациялоо практикасы болууга тийиш.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана мамлекеттик органдардын кадрдык потенциалын өстүрүү боюнча кабыл алынган чараларды илимий жактан негиздөө максатында ушул чөйрөдө фундаменталдык прикладдык изилдөөлөрдү жүргүзүү менен илим-изилдөөлөр жана аналитикалык изилдөөлөрдүн таасирдүү тутумун тартипке салууну камсыз кылуу зарыл.

## 2. Экинчи этап (2015-2016-жылдар)

Бул этапта төмөнкүлөр каралат:

- айылдык аймактарды ирилештирүү;
- райондорду ирилештирүү;
- облустук деңгээлде башкаруу органдарын оптималдаштыруу.

### 2.1. Айылдык аймактарды ирилештирүү

Кыргызстанда муниципалдык деңгээлде административдик-аймактык бөлүүгө ылайык 1800дөн ашык айылды бириктирүүчү 31 шаардык жана 453 айылдык административдик-аймактык бирдик бар. Айылдык аймактарды азыркы учурдагы бөлүштүрүү оптималдаштырууну талап кылат. Алсак, республикада бир гана айылдан турган 57 айылдык аймак бар; алардын көпчүлүгүндө калктын саны анча көп эмес. Ошол эле учурда курамына 15тен ашык айыл кирген жана калкы 20 миңден ашык адамды түзгөн айылдык аймактар да бар.

Айылдык аймактарды ирилештирүүнү жүргүзүү үчүн майда-чүйдөсүнө чейин толук негиздөө, илимий экспертиза жана экономикалык эсептөөлөрдү жүргүзүү, ушул процесстерди ишке ашыруу үчүн ирилештирүүнүн уюштуруучулук схемаларын гана эмес, бюджеттик-экономикалык түрткү берүүнүн чараларын да даярдоо талап кылынат.

Айылдык аймактарды оптималдаштыруу максатында төмөнкүдөй негизги критерийлер боюнча муниципалдык административдик-аймактык бирдиктерди ирилештирүү сунуш кылынат:

- жаратылыштык-ландшафтык шарттар;
- бийик тоолуу алыскы, кыйындык менен жетүүчү жана чек ара жанындагы калктуу конуштарды кошпогондо калкынын саны 5000 адамга чейинки айылдык аймактарды бириктирүү зарылдыгы;
- муниципалдык кызматтарды көрсөтүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн сактоо;
- муниципалдык башкарууну оптималдаштыруу;
- борборго жакындык (мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн калк үчүн жеткиликтүүлүгү);
- экономикалык базанын болушу.

Мында калк арасында кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү керек, алар административдик-аймактык бирдиктерди ирилештирүү үчүн юридикалык тоскоолдуктарды болтурбоого мүмкүндүк берет.

Алыскы айылдык аймактарды ирилештирүүгө тийиштүү өбөлгөлөр боло турган болсо бул процессти тездик менен жүзөгө ашыруу керек.

### 2.2. Райондорду ирилештирүү

Азыркы учурда республикада мамлекеттик башкаруунун көп сандаган түзүмүндөгү 40 район бар. Райондорду оптималдуу ирилештирүү министрликтердин жана административдик ведомстволордун региондук бөлүмдөрүнүн сарптоолорун кошкондо мамлекеттик сарптоолорду кыскартууга, административдик функцияларды минималдаштырууга, региондук мамлекеттик органдар тарабынан башкаруучулукту өркүндөтүүгө, жаратылышты, өндүрүштүк, адамдык, материалдык жана башка ресурстарды кыйла натыйжалуу пайдаланууга алып келет.

Райондордун санын оптималдаштыруу үчүн оптималдаштыруу принциптерин жана критерийлерин аныктоону эсепке алуу менен майда-чүйдөсүнө чейин толук негиздөө, илимий экспертиза жана экономикалык эсептөөлөрдү жүргүзүү боюнча чараларды көрүү талап кылынат.

### 2.3. Облустук деңгээлде башкаруу органдарын оптималдаштыруу

Төмөн турган аймактарга ирилештирүүнү жүргүзүүнүн жыйынтыктарын эсепке алуу менен башкаруунун облустук түзүмдөрүнө оптималдаштырууну киргизүү керек.

### 2.4. Башкаруу органдарынын жарандык коом менен өз ара аракетинин туруктуу механизмдерин түзүү

Мамлекеттик жана муниципалдык башкарууну өркүндөтүү башкаруу органы менен жарандык коомдун ортосундагы өнөктөштүк мамилелерди түзүүнү талап кылат.

Турмуштук маанилүү чечимдерди кабыл алууга жарандардын катышуусун камсыздоочу «күнүмдүк демократия» механизмин жана жол-жоболорун түзүү зарыл.

Элдик курултайлардын, жыйындардын, чогулуштардын жана коомдук катышуунун башка формаларынын маанилүүлүгүн жана ролун жогорулатуу керек.

### 3. Үчүнчү этап (2017-жыл)

Ушул этапта жаңы административдик-аймактык түзүлүштү мыйзамдуу түрдө бекемдөө зарыл.

## IV. Күтүлүүчү натыйжалар жана тобокелдиктер

Сунушталган вариантта административдик-аймактык реформа жүргүзүү төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

- башкаруунун ашыкча звенолорун жоюуну, бул тиешелүү натыйжаларга жетүүгө, башкарууну жакшыртууга, башкаруучулук чыгымдарды кыскартууга мүмкүндүк берет;
- айылдык аймактардын санын оптималдаштырууну;
- мамлекеттик башкаруунун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун сапатын жогорулатууну;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатууну, коррупция үчүн мүмкүнчүлүктөрдү чектөөнү;
- финансылык каражаттарды үнөмдөөнү, адамдык, материалдык жана башка ресурстарды натыйжалуу пайдаланууну;
- жарандардын мамлекеттик башкарууга ишенимдерин калыбына келтирүүнү.

Административдик-аймактык түзүлүштүн жаңы тутуму, өзгөчө ага өтүү белгилүү тобокелдиктер менен коштолот. Алардын ичинен кыйла олуттуусу коомдун белгилүү топтору тарабынан реформага жана жаңы мамилелерге каршы туруулары болуп эсептелет. Мыйзамдуу тобокелдиктер сунушталган Концепцияны ишке ашырууда пайда болуучу негизги тоскоолдуктардын бири болуп эсептелет. Башталгыч этапта финансылык сарптоолор бир аз көбөйүшү мүмкүн (өзгөртүп атоого, кайра уюштурууга, жаңы кызматтарды түзүүгө ж.б.), алар каражаттарды андан ары үнөмдөөнүн эсебинен компенсацияланат.

Кадрларды даярдоо деңгээлинин жаңы тутумдагы иштин талаптарына, өзгөчө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын адистерине болгон талапка шайкеш келбей калышы проблема болуп эсептелинет. Жашоо турмушун камсыз кылуу тутумунун жана мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүү тутумунун иштеринин башкаруучулук деңгээлин азайтуу үчүн байкалаарлык коркунуч жок, бирок жаңы тутумга өтүүдө тигил же бул мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүдө убактылуу үзгүлтүккө учуроолор болушу мүмкүн.

Ушул тобокелдикти минималдаштыруу үчүн калкка мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүү тутумунун тигил же бул компоненттерин пилоттук иштеп чыгууну практикалоо керек. Жерлерди кайра бөлүштүрүү менен байланышкан маселелердин келип чыгышы толук ыктымал.

## V. Концепцияны ишке ашыруу механизмдери

Ушул Концепцияны практикалык жактан ишке ашыруу максатында конкреттүү чараларды, жооптуу аткаруучуларды жана алардын мөөнөттөрүн караган иш-чаралар планын бекитүү пландалган. Концепцияны ишке ашыруу процессин координациялоо Координациялык кеңештин макамына ээ болгон, атайын түзүлгөн коллегиялуу органга жүктөлөт, анын курамына мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомдук уюмдардын, жарандык коомдун өкүлдөрү кирет.

**2-тиркеме Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2012-жылдын 23-мартындагы
N 198 токтому менен бекитилген**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК-АЙМАКТЫК РЕФОРМА КОНЦЕПЦИЯСЫН АТКАРУУ БОЮНЧА ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА КООРДИНАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 28-октябрындагы N 581 токтомунун редакциясына ылайык)**

## 1. Жалпы жоболор

❶ Кыргыз Республикасында административдик-аймактык реформа концепциясын аткаруу боюнча иш-чаралар планын ишке ашыруу боюнча Координациялык кеңеш (мындан ары - Координациялык кеңеш) мамлекеттик аткаруу бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Концепцияны ишке ашыруу боюнча ишин координациялоону камсыз кылуу максатында түзүлгөн консультациялык-кеңешме орган болуп саналат.

❷ Координациялык кеңештин курамы жана саны Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин чечими менен бекитилет.

❸ Координациялык кеңештин иши Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн актыларына, ошондой эле ушул Жобого ылайык ишке ашырылат.

❹ Координациялык кеңештин иши коомдук башталышта жүргүзүлөт.

## 2. Координациялык кеңештин иштөө принциптери

❺ Координациялык кеңеш төмөнкүлөрдүн негизинде ишин жүргүзөт:

- өзүнүн жыйындарында Концепцияны аткаруу боюнча маселелерди коллегиалдык, эркин жана калыс талкуулоонун;
- концепцияны аткаруу боюнча иш-чаралар планын ишке ашырууда мамлекеттик аткаруу бийлиги органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, эл аралык жана коомдук уюмдардын, ошондой эле башка органдардын кызматташуусунун;
- кабыл алынган чечимдер үчүн жетекчилердин жеке жоопкерчилигинин.

## 3. Координациялык кеңештин максаттары, милдеттери жана функциялары

❻ Координациялык кеңештин ишинин негизги максаттары болуп министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомдук уюмдардын Концепцияны аткаруу боюнча ишин контролдоо жана координациялоо болуп саналат.

❼ Координациялык кеңештин негизги милдеттери болуп министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомдук уюмдардын макулдашылган иш-аракеттерин координациялоо жана иштеп чыгуу, Концепцияны аткаруу боюнча иш-чаралар планына ылайык ыкчам ведомстволор аралык жана региондор аралык өз ара аракеттенүүнү жана мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылуу саналат.

❽ Координациялык кеңеш ага жүктөлгөн милдеттерге ылайык:

- Концепцияны аткаруу боюнча иш-чаралар планын иштеп чыгат жана бекитет;
- мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Концепцияны аткаруу маселелери боюнча ишин координациялайт;
- мезгил-мезгили менен (жылына кеминде эки жолу) өзүнүн жыйындарында мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин Концепцияны аткаруу боюнча иш-чаралар планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө отчетторун угат;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна Концепцияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар

планын ишке ашыруу маселелери боюнча сунуштарын киргизет;

- Координациялык кеңешке жүктөлгөн милдеттерди ишке ашыруу максатында адистердин, мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнүн, илимий кызматкерлердин жана башка көз карандысыз эксперттердин ичинен жумушчу топторду түзөт;
- Концепцияны аткаруу боюнча иш-чаралар планын ишке ашыруу үчүн республикалык жана жергиликтүү бюджеттен берилүүчү материалдык жана финансылык ресурстарды жана тартылган ички жана финансылык каражаттарды максаттуу жана натыйжалуу пайдалануу маселелерин карайт;
- Концепцияны аткаруу боюнча иш-чаралар планын ишке ашыруу маселелери боюнча теле жана радиопрограммаларды даярдоону уюштурат;
- Концепцияны аткаруу боюнча иш-чаралар планын ишке ашырууга мониторинг жүргүзөт.

❾ Координациялык кеңеш төмөнкүлөргө укуктуу:

- министрликтерден, мамлекеттик комитеттерден, административдик ведомстволордон, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан Координациялык кеңештин Концепцияны аткаруу боюнча иш-чаралар планын ишке ашыруу маселелери боюнча кабыл алынган чечимдерин аткарууну талап кылууга;
- Концепцияны аткаруу боюнча иш-чаралар планын ишке ашыруу маселелери боюнча Координациялык кеңештин мүчөлөрүнүн, министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин маалыматтарын угууга;
- Координациялык кеңештин мүчөлөрү, министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери тарабынан Концепцияны аткаруу боюнча иш-чаралар планынын аткарылышын контролдоону, текшерүүнү камсыз кылат жана мониторинг жүргүзөт;
- Координациялык кеңештин жана Концепцияны аткаруу боюнча иш-чаралар планынын максаттарын жана маселелерин ишке ашыруу үчүн Координациялык кеңештин мүчөлөрүн, министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилерин зарыл учурда белгиленген тартипте тартууга.

## 4. Координациялык кеңештин ишин уюштуруу

❿ Координациялык кеңештин төрагасынын эки орун басары жана жооптуу катчысы болот.

⓫ Координациялык кеңештин жыйындары зарылдыгына жараша, иш планына ылайык өткөрүлөт. Координациялык кеңештин жыйынын Координациялык кеңештин төрагасы алып барат.

⓬ Координациялык кеңештин чечимдери ачык добуш берүү, Координациялык кеңештин мүчөлөрүнүн жыйынына катышкандардын жөнөкөй көпчүлүк добуш берүүсү менен кабыл алынат, протоколдор менен таризделет, аларга Координациялык кеңештин төрагасы кол коет жана Кыргыз Республикасынын бардык мамлекеттик бийлиги органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аткаруусу үчүн милдеттүү болуп саналат.

⓭ Координациялык кеңештин чечими ага катышкан мүчөлөрдүн жарымынан көбү добуш берген учурда кабыл алынды деп эсептелет. Координациялык кеңештин ар бир мүчөсү бирден добушка ээ болот. Добуштар бирдей болуп калган учурда төраганын добушу чечүүчү болуп саналат.

## 5. Координациялык кеңештин жумушчу органы

⓰ Координациялык кеңештин жумушчу органы болуп Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик саналат, анын милдеттерине Концепцияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын ишке ашыруу, Координациялык кеңештин жыйынына документтерди даярдоо, маалыматтык-талдоо жүргүзүү материалдары менен камсыз кылуу, берилген материалдарды иштеп чыгуу жана жалпылоо, Координациялык кеңештин чечимдерин тариздөө жана аткарылышын контролдоо кирет.

(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 28-октябрындагы N 581 токтомунун редакциясына ылайык)

## 6. Координациялык кеңештин ишинин токтотулушу

⓱ Координациялык кеңеш Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тиешелүү токтомунун негизинде өз ишин токтотот.

# Муниципалитетти өнүктүрүүнүн стратегиясы – бул адамдарды жана ресурстарды бириктирген өзөк – Кыргызстандын тоолуу жана алыскы жайгашкан айылдык аймактарынан мисалдар

**Кыргыз Республикасынын тоолуу жана алыскы райондорунда жайгашкан муниципалитеттерди адатта келечеги тайкы жана аз өнүккөн деп эсептешет. Көптөр бардык жергиликтүү экономика бул жерлерде сувенирлерди даярдоо, анда-санда туристтик маршруттар жана мал багуу менен чектелет деп эсептешет. Бул калыптанып калган стереотиптин кесепеттери. Ага ылайык, алыскы жана тоолуу муниципалитеттер өткөн жана андан мурдагы кылымдардын консервацияланган жана обочодо калган аралчалары катары кала берүүгө мажбур, ал эми ошол муниципалитеттердин тургундары келечекке жетелеген стратегияларды ишке ашырууга жөндөмсүз. Стереотипти жеңип, бул мифти жокко чыгаруу милдети «Кыргыз Республикасында туруктуулукту жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү алга жылдыруу» долбooруна жүктөлгөн. Аталган долбоор 2012-2013-жылдар аралыгында Ош жана Нарын облустарынын алыскы айылдык аймактарында Кыргызстандын тоолуу региондорундагы жамааттардын өнүгүүсүн колдоо Программасы (мындан ары – MSDSP KG Коомдук фонду), Ага-Хан фондунун демилгеси, тарабынан ишке ашырылган. Долбоордун пилоттук аймактары заманбап учурга адекваттуу өнүгүү – бул республиканын борборуна жакын жайгашкан муниципалитеттердин артыкчылыгы эмес, бул ар бир жамааттын мыйзамдуу укугу жана реалдуу мүмкүнчүлүгү экенин далилдей алышты.**



Бир караганда долбоордун милдети ашкере эле стандарттуу көрүнөт – муниципалитеттерге өнүгүү стратегиясын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга жардам берүү. Акыркы жылдары Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде өтө көп сандагы түрдүү стратегиялар иштелип чыкканын, атүгүл мындай стратегиялар ондоп саналган аймактар да бар экенин эксперттер жана ЖӨБ органдарынын кызматкерлери жакшы билет. Көпчүлүк жерлерде өнүгүү стратегиялары кагаз бетиндеги пландар бойдон кала берет; жамааттар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аларды иш-аракеттер үчүн колдонмо катары кабыл албайт, бул документтер менен иштей албайт жана иштегиси келбейт. Бул жергиликтүү жамааттар үчүн чоң көйгөй, анткени стратегиялык пландоонун ыгы жана ошол пландарды аткаруу жөндөмдүүлүгү – бул муниципалдык башкаруунун өтө маанилүү бөлүгү. Ансыз жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашты деп эсептөөгө болбойт. Эл аралык жана жергиликтүү бейөкмөт уюмдар ушундай стратегияларды түзүүнү жана ишке ашырууну максат кылган ондогон долбоорлорду ишке ашырды. Анткен менен «стратегия боюнча жашоо» түрүндө чыныгы түшүм берген мындай долбоорлор иштеген муниципалитеттер чанда гана кездешет.

## Эмнени жеңип чыгышты?

MSDSP KG Коомдук фондунун алдында коопту милдет турду – муниципалитеттин стратегиясы «иштеп кеткидей» нерсе жасоо, ал жамаат жана ЖӨБ органдары өз келечегин кура ала турган чыныгы, жандуу документ болушу керек. «Велосипед ойлоп таппастан», стратегияларды иштеп чыгуу боюнча мурдагы аракеттердин натыйжаларын пайдалануу үчүн колдо болгон стратегияларды кайра карап чыгууга жана жаңылоого муниципалитеттердин умтулуусунун жоктугу; жаштарсыз келечекти пландоо маанисиз экенин эске алып, муниципалдык лидерлерде жаштарды жергиликтүү маанидеги масе-

лелерди чечүүгө тартуу шыгынын жоктугу; бейөкмөт жана эл аралык уюмдар менен кызматташуу тажрыйбасынын жоктугу; жергиликтүү ресурстардын жетишсиздиги өңдүү көп нерсени жеңиш керек болчу. Тоскоолдуктардын тизмеси өтө узун болсо, жагымдуу мүмкүнчүлүктөрдүн тизмеси ошончолук чакан. Алардын арасында негизгиси жана балким жалгызы – жамааттардын өзү жана өз балдары үчүн турмуш шартты жакшыртуу каалоосу болду. Ага карабастан долбоор сынактык негизде жогоруда аталган тоскоолдуктардын баарын жеңип чыгууга даяр болгон 15 элеттик муниципалитетти тандап алды.

## Стратегияларды ишке ашыруунун «жаңы-эски» процессин эмнеден башташ керек?

Практика көрсөткөндөй, ар кандай стратегияны ишке ашыруунун баскычында өзөктүү көйгөйлөрдүн бири – өлчөнгөн индикаторлор менен жабдылган аракет планынын жоктугу, же анын талапка жооп бербегендиги; экинчиси – мониторингдин жана жетишкендиктерди баалоонун жоктугу же чабалдыгы. MSDSP KG Коомдук фонду буга чейин муниципалитеттерде иштелип чыккан стратегиялардын абалын баалап, жергиликтүү өнүктүрүү стратегияларынын сапаты бир кыйла төмөн, көпчүлүк стратегиялар буга чейинкилерди толугу менен, же жарым-жартылай кайталайт деген кейиштүү тыянакка келди. Изилдөөгө алынган 14 айылдык аймактын ичинен бирөө гана стратегиясын толугу менен жаңылаган. Жергиликтүү өнүгүү стратегиясында аныкталган артыкчылыктар жамааттын көйгөйлөрүн бир аз гана чечет, алар көп учурда инфраструктуралык долбоорлор менен гана чектелет. Ошону менен бирге жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жамааттын мүчөлөрүн мобилдештирүү кыйын болгонун, алардын маалыматка ээ эместигин, ошондой эле олуттуу каржылык чектөөлөр бар болгонун айтышат. Жамааттын жана жарандык уюмдардын өкүлдөрү болсо өз кезегинде ЖӨБ органдарын каржылык жана социалдык жоопкерчиликсиз мамиле жасайт, маалыматты жабык кармашат деп айыптап келишет.

Андыктан коомдук фонд пилоттук ЖӨБда бийлик органдарынын өкүлдөрүнөн жана жамааттын активисттеринен турган жаңы жумушчу топторду түзүүнү сунуштады. Бул топтор өзүнө стратегияларга иш-чаралардын планын иштеп чыгуу боюнча лидердик функцияларды алмак, ошондой эле стратегиялардын аткарылышынын жүрүшүн көзөмөлдөмөк. Топтордун ишинин ийгилигин камсыздай ала турган маанилүү шарт – аларда башкаруу органдарына күчтүү, конструктивдүү оппозицияны түзө ала турган, ЖӨБ органдарынын күнүмдүк иштер менен гана алектенип калышына жол бербей, аларды «уктатпай» турган кызыкдар болгон жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрү катышыш керек. Ошондой эле жаштардын катышуусу да өтө маанилүү. Анткени дал ушул жаштар стратегияны ишке ашырууда ага зарыл болгон импульсту жана заманбап векторду берүүгө жөндөмдүү.

15 аймакта жамааттардын түрдүү кызыкчылыктар топтору кошулган жумушчу топторду түзүү мүмкүн болду. Анын ичинде 35 пайыздан кем эмесин аялдар жана 20 пайыздан ашыгын 28 жашка чейинки жаштар түзөт. Топтун орточо саны – 30 адамдын тегерегин түзөт. Бир караганда топтун мобилдүүлүгүн



камсыздап, аны башкара алуу үчүн, натыйжалуу ишти жөнгө салуу үчүн бул өтө көп. Бирок практика көрсөткөндөй, бул баскычта чечим өзүн актай алды – көптөгөн каалоочулардын ичинен бул иш үчүн көбүрөөк ылайыктуусун тандап алып, бирок ошону менен бирге жетиштүү шыгы жок болсо да айылдын жашоосуна активдүү катышууну каалагандарды да жоготуп албаш керек эле. Андыктан топко бардыгын кошушту, ал эми практика болсо ким топтун өзөгүн түзөрүн, ал эми ким жөн гана талкууларга катышаарын көрсөтүп койду. Кандай болгон күндө да стратегияны ишке ашыруунун үстүнөн түздөн-түз иштерге 15 муниципалитеттен жамааттын жана ЖӨБ органдарынын 474 өкүлү катышты.

Стратегияларды натыйжалуу ишке ашырууну уюштуруу үчүн топторго кошумча билимдер керек эле. Андыктан MSDSP KG Коомдук фонду эксперттерге кайрылды. Кыргызстанда өнүктүрүү стратегияларын иштеп чыгуу боюнча окуу китептери бир топ эле жазылган жана басылып чыккан. Бирок мындай стратегияларды аткаруу процессин башкаруу, натыйжаларга жетишүү үчүн ресурстарды издөө жана мобилдештирүү боюнча окуу жана методикалык материалдар кыйла аз. MSDSP KG Коомдук фонду ушундай окуу китебин иштеп чыгууга тендер жарыялап, аны жергиликтүү ресурстарды башкарууда олуттуу тажрыйбага ээ уюм – Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттик командасы утуп алды.

Аталган окуу китебинде аймактагы ресурстардын бардык түрлөрүнүн жыйындысын түшүнүүгө карата комплекстүү мамиле жасалышы, өтө жөнөкөй жана айкын мониторинг жана баалоо системасы, түшүнүктүү тилде баяндалышы, мыйзамдардын дал ушул элеттик жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көз карашынан чечмелениши

жана практикалык көнүгүүлөрдүн жана конкреттүү мисалдардын бар болгону аны башкалардан айырмалап турат. Окуу китеби MSDSP KG Коомдук фондунун кызматкерлери үчүн уюштурулган атайын семинарда тартууланды. MSDSP KG Коомдук фондунун ЖӨБ бөлүмүнүн райондук адистери катышкан тренерлер үчүн семинардын маанилүү элементи стратегияларда алдыга коюлган тапшырмаларды ишке ашырууда ресурстук толуктоону талкуулоо болуп калды. Конкреттүү объекттер боюнча практикалык иштер жеринде иш-чаралар планын ишке ашыруу үчүн резервдерди, эсепке алынбаган кирешелерди издөөнүн мисалдарын көрсөтүүгө жол ачты. Жайыттарды, жаратылыш ресурстарын, жерлер жана коммерциялык жана өндүрүштүк багыттагы мүлктөр боюнча кирешелер божомолун башкаруу маселелери өзгөчө кызыгууну жаратты. Жергиликтүү бюджеттердин чыныгы кирешелерин жана чыгашаларын көрүүгө жардам берген интернет ресурс – www.okmot.kg сайтын колдонуу менен бюджеттик каражаттарды түзүүнүн жана сарптоонун натыйжалуулугуна анализ жасоонун аспаптары да чоң кызыгууну жаратты. Ийнине жеткире иштеп чыккандан кийин окуу китеби чыныгы турмушка «коё берилди», б.а., муниципалитеттердеги жумушчу топторго өткөрүлүп берилди [1].

## Жумушчу топтор эмнелерди жасады?

ӨСИ эксперттеринин жана MSDSP KG Коомдук фондунун ЖӨБ бөлүмүнүн райондук адистеринин катышуусундагы жумушчу топтордун күчү менен муниципалитеттердин стратегиясына иш-чаралардын пландарын иштеп чыгуу көп күчтү, эмгекти талап кылуучу жана оор баскыч болуп калды. 2013-жылдын жай мезгилинде 15 жумушчу топ чогулуп, ресурстарды мобилдештирүү, мониторинг жана баалоо өңдүү стратегияларды башкаруунун өзүнчө аспекттерин үйрөнүү менен кошо пландардын үстүнөн иштеп жатышты. Жумушчу топтордун катышуучулары жергиликтүү өнүгүү стратегиясына кошулган тапшырмаларды талкуулап, аларга өзгөртүүлөрдү киргизип, аларды бириктирип, маанисин өзгөртүп жатышты. Тренингдер пландоо боюнча практикалык иштер менен коштолуп, анын жүрүшүндө катышуучулар топчолорго бөлүнүп, айрым бир иш-чараларды деталдуу пландоонун үстүнөн өз алдынча иштеп жатышты. Ар бир тандалып алынган иш-чаралар үчүн топчолор аткарылчу кадамдарды, күтүлгөн натыйжаларды иштеп чыгып, индикаторлорду аныктап алышты. Кошумча консультациялардын практикасы өзүн актады. Анткени ошонун учурунда көйгөйдү аныктап алуу, максаттарды жана милдеттерди түзүү ортосундагы байланыш такталып турду. Айылдык аймактардын



стратегиялары стратегиялык пландоонун талаптарына көбүрөөк деңгээлде жооп бере баштады. Стратегиялык пландарды иштеп чыгууга карата кызыктуу ыкманы Нарын облусунун Ат-Башы жана Он-Арча АА көрсөтө алды.




Катышуучулар алдыга коюлган тапшырмаларды жакшы аткарышты. Бирок айрым бир учурларда кадамдарды аныктоодо жана индикаторлорду тандоодо кыйналып жатышты (пландын мисалдарын караңыз). Бул практика көрсөткөндөй, жумушчу топтордун жана өзгөчө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башкаруу потенциалы аны дагы да жакшыртууга муктаж. Ошондой эле иш-чараларды пландоо процессине айрым бир тапшырмалар боюнча эксперттерди тартуу зарыл.

Бирок долбоордун бардык катышуучулары үчүн чоң көйгөй төмөнкү суроо болуп калды – иш-чараларды ишке ашыруу жана стратегияларда алдыга коюлган максаттарга жетүү үчүн ресурстарды кайдан алыш керек? Анткени планды жазуу – бул иштин жарымы гана. Ал эми аны колдочу ресурстар, анын ичинде кадрлар, акча, материалдык баалуулуктар жана убакыт болгондо гана ишке ашыруу мүмкүн.

[1] Окуу китебинин толук тексти менен сайттан тааныша аласыз: http://dpi.kg/upload/file/DPI_LED_Module_RUS.pdf

## Айылдык аймактарда жумушчу топтор түзгөн пландын мисалы

| Иш-чаралар | Мазмуну/кадамдар | Натыйжасы | Индикаторлор | Мөөнөттөр | Ресурстар |
|---|---|---|---|---|---|
| **Максат: Жаштардын сергек жашоо образына умтулуусун камсыздоо** | | | | | |
| **1-тапшырма: Спорт менен алектенүү үчүн туруктуу шарттар менен камсыздоо** | | | | | |
| **1.1.**<br>Спорт залынын капиталдык ремонту | ● Иштин көлөмүн аныктоо үчүн комиссия түзүү (кемчилиги бар акт)<br>● Долбоорду иштеп чыгуу (чыгашалардын сметасы, ишке ашыруу планы)<br>● Мамлекеттик сатып алуулар жол-жобосун өткөрүү (тендер)<br>● Долбоорду ишке ашыруу<br>● Мониторинг жана баалоо<br>● Объектти ишке киргизүү<br>● Ишке ашырылган долбоор тууралуу маалымат өнөктүгү | ● Комиссия түзүлүп, иштердин көлөмү аныкталды<br>● Чыгашалардын сметасы жана план кошулган долбоор иштелип чыкты<br>● Мамлекеттик сатып алуулар жол-жобосу өткөрүлдү<br>● Капиталдык ремонт жасалды<br>● Мониторинг жана баалоо боюнча иш-чаралар өткөрүлдү<br>● Коомчулук долбоордун натыйжалары тууралуу маалыматка ээ болду | Ремонттолгон спорттук зал | 31.12.2013-жыл | Баары: 580 000 сом<br>Жергиликтүү бюджет: 400 000 сом<br>Жамааттын салымы: 80 000 сом (материалдар, техникалык көзөмөл, эмгек салымы)<br>Демөөрчү - 100 000 сом (жабдуу, транспорт) |
| **1.2.**<br>Спорттук секциялардын ачылышы | ● Жаштардын керектөөлөрүн баалоо<br>● Спорттук секцияларды ачуу боюнча адистер арасында сынак<br>● Спорттук секциялардын ишмердигин пландоо (План, график, бюджет)<br>● Спорттук секциялар боюнча топторду кабыл алуу<br>● Зарыл эмеректерди сатып алуу жана кабинеттерди жасалгалоо<br>● Маалымат өнөктүгү | ● Жаштардын керектөөлөрү бааланды<br>● Сынак өткөрүлүп, адистер тандалып алынды<br>● План иштелип чыгып, график аныкталып, бюджет түзүлдү<br>● Спорттук секциялар боюнча топтор кабыл алынды<br>● Кабинеттер жасалгаланып, зарыл эмеректер сатып алынды | 2014-жылдын 1-февралына чейин бери дегенде 4 спорттук секция болсун<br>Жаштардын ___% кем эмеси спорттук секцияларга катышат | 1.12.2013 – 1.02.2014-ж.ж. | Баары: 70 000 сом<br>Жергиликтүү бюджет: 50 000 сом<br>Машыгуу үчүн акы: айына 20 000 сом |

## Стратегия тегерегинде ресурстарды бириктирген өзөк катары

Долбоордун ресурстар тууралуу негизги суроосу кылдат изилдөөнү жана жумушчу топторун атайын окуудан өткөрүүнү талап кылды. MSDSP KG Коомдук фондунун ЖӨБ бөлүмүнүн райондук адистери ӨСИ эксперттеринин колдоосу менен жумушчу топтор үчүн ресурстар боюнча тренингдерди өткөрүштү. Тренингдер мисалдын негизинде муниципалдык-жеке өнөктөштүктү жана муниципалдар аралык кызматташтыкты колдонууну, жергиликтүү ресурстарды мобилдештирүүнү эсепке алуу менен өнүктүрүү стратегияларынын иш-чараларын ишке ашыруунун механизмдерин көрсөтүү максатын көздөйт.

Тренингде көтөрүлгөн темалар, өзгөчө жайыттарды, жергиликтүү бюджеттерди, муниципалдык менчикти башкарууга байланышкан темалар кызуу талкууларды жаратты. Мисалы, элеттик клубду канткенде натыйжалуу пайдаланса болот – элеттик клуб катарыбы, же бизнес үчүн ижарага бериш керекпи? Топтордун биринде катышуучулар бир нерсени байкашты: кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесинде болгон 125 аталыштын ичинен ошол айылдык аймакта 44 түр боюнча салык чогултуу мүмкүнчүлүгү бар болсо, иш жүзүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу болгону 4 кызмат көрсөтүү боюнча гана салык чогултат! Жыйындын катышуучулары ыктыярдуу патенттөө, айыл чарба багытындагы жерлерге салык, короо алдындагы участокторго салык, айыл чарба багытында эмес жерлерге салык, мүлккө жана транспортко салык боюнча бир жыл үчүн салыктын суммасын эсептеп чыгышкан эле.

Бул болсо жергиликтүү салыктардын бул түрлөрү кантип эсептелерин билүүгө жардам берди.

Жалпысынан ресурстар боюнча тренинг долбоордун борбордук мазмундуу бөлүгү болуп калды. Анткени жамааттардын өкүлдөрүнө жана ЖӨБ органдарына алыста болгонуна жана географиялык өзгөчөлүктөрүнө карабастан ресурстар муниципалитеттерде бар болгонун, аларды өнүктүрүү стратегияларын аткаруу үчүн тартууга жана бириктирүүгө боло турганын көрсөттү. Атүгүл ресурстарды мобилдештирүү маселелери стратегиянын конкреттүү иш-чараларына тиркеме катары гана эмес, стратегиянын өзүнүн бөлүгү катары карала баштады. Башкача айтканда, жайыттарды башкарууну жакшыртуу, жергиликтүү бюджеттин кирешелерин жогорулатуу өңдүү темалар стратегиялар үчүн өз алдынча темалар катары карала баштады.

Муниципалитетти өнүктүрүүнүн пландоого жана ресурстардын болгонуна карата өз мамилесиндеги өзгөрүүлөрдү стратегиялардын үстүнөн иштеген катышуучулардын өздөрү мындайча баалашат. Таалай АБДРАЕВ, Бүлөлү айыл өкмөтүнүн башчысы: «Стратегияны иштеп чыгууга катышуу бизди сырттан жардам күтпөстөн, өз алдынча жол издөөгө, жергиликтүү ресурстарды мобилдештирүүгө үйрөттү. Көрсө, бул мүмкүн экен!». Ажар АЙДАРОВА, жумушчу топтун мүчөсү, Кашка-Суу айыл өкмөтүнүн статисти: «Мен үчүн стратегияны иштеп чыгууда эң маанилүү жана үлгү болорлук нерсе – колдо болгон жергиликтүү ресурстарга анализ жасоо жана аларды стратегияда колдонуу болду. Көрсө, биз алыскы муниципалитет болгонубузга карабастан бизде мүмкүнчүлүктөр өтө көп экен. Эми мен биз көп нерсени жасай аларыбызга, баары алдыда болгонуна ишенем!».

Тренингдин соңунда катышуучулар «үй тапшырмасын» алышты – алар райондук деңгээлде тажрыйба алмашуу үчүн (форумдар) аймакты өнүктүрүү стратегиясынын бет ачарын, муниципалдык-жеке өнөктөштүк боюнча бир долбоордун бет ачарын; муниципалдар аралык кызматташтык боюнча бир долбоордун бет ачарын даярдашы керек болчу.

Райондук деңгээлде өз ара тажрыйба алмашуу (форумдар) долбоорду ишке ашырууда маанилүү баскыч болуп калды – бул жерде жумушчу топтор



жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздөрүн жана өз кошуналарын муниципалитетти өнүктүрүү – чечилчү маселе экенине ынандыра алышты. Форумда жергиликтүү өнүктүрүү стратегияларын иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун жүрүшү тууралуу баяндаган тасма көрсөтүлдү. Тасманын эң мыкты элементи – ал тургундар өздөрүн жана өз кошуналарын экранда көргөн чыныгы муниципалитеттеги чыныгы окуяларга негизделген.

Айылдык аймактар – долбоордун катышуучулары – стратегияларды иштеп чыгуу процесси, алардын аткарылышына мониторинг, айрым бир иш-чаралардын аткарылышынын натыйжалары тууралуу маалымат менен алмашты. Чыгашалуу долбоорлорду аткарууда подрядчылар менен өз ара аракеттешүү тажрыйбасы тууралуу маалымат менен алмашуу форумдардын маанилүү учурларынан болуп калды.

Форумдагы талкуунун жыйынтыктоочу маселеси Стратегияны иштеп чыгуунун методикасы, ал башка муниципалитеттер үчүн канчалык алгылыктуу болот, кандай өзгөртүүлөрдү киргизиш керек деген маселелер болду. Форумдун катышуучулары Стратегияны иштеп чыгуунун методикасы аларды канааттандыра турганын, кошуна муниципалитеттер үчүн пайдалуу болорун белгилешти.

## Мониторинг – жөнөкөй жана колдонулуучу аспап

Ар бир иш-аракеттин натыйжаларына мониторинг жана баалоо – жергиликтүү жамааттар жана ЖӨБ органдары үчүн азырынча оор тема. Практикада бир топ методологиялар жана колдонмолор бар, бирок аларда маалыматты жеткирүү тили өтө татаал, көптөр ага адистердин гана тиши өтөт деп ойлошот. Бирок бул андай эмес. MSDSP KG Коомдук фондунун иш практикасы көрсөткөндөй, чыныгы мисалдардын коштоосунда методологияны жөнөкөй жана жеткиликтүү баяндап берүүнү элеттик активисттер жакшы кабыл алышат. Жумушчу топтун катышуучулары окутуунун натыйжасында мониторинг менен баалоону көзөмөлдөн так айырмалай баштаашканын; коомчулук тарабынан мониторинг жана баалоону өткөрүү канчалык маанилүү болгонун түшүнүп калышканын мойнуна алышты. Көптөгөн иш-чаралар боюнча мониторингдин жана баалоонун план-матрицасы окутуунун жана топтордун ишинин практикалык натыйжалары болуп калды. Мисалы, ирригациялык түйүндүн реконструкциясы жана жолдордун ремонту; сугат суу менен камсыздоо жана ФАПтын капиталдык ремонту; мектеп алдында жыйындар залынын курулушу жана клубдун капиталдык ремонту; ирригациялык түйүндү тазалоо жана бала бакчаны ремонттоо.

## Мониторингдин жана баалоонун матрицасынын мисалы

| Иш-чаралардын/иш-аракеттердин аталышы | Индикатордун аталышы | Өлчөө ыкмасы | Маалымат булагы | Тастыктоочу документ | МжБ өткөрүү мезгилдүүлүгү | Өткөрүү күнү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Баалоо индикатору:** | | | | | |
| **1.** Кара-Суу айылынын жашоочуларын ичүүчү суу менен камсыздоо | ● сууга жетүү мүмкүнчүлүгүн алган үй чарбачылыктарынын саны (натыйжанын индикатору, сандык индикатор), ● жашоочулардын таза суу менен камсыздалганына карата канааттануу даражасы (натыйжанын индикатору, сандык индикатор) | ● документтер менен иш ● сурамжылоо | ● подрядчы ● ТСКЭКБ ● таза сууга жетүү мүмкүнчүлүгүн алган калк | ● аткарылган иштердин актысы, ТСКЭКБ эсепке алуу журналы ● изилдөөлөр боюнча отчет | 1 жолу | Иштер аяктагандан кийин 1 айдын ичинде |
| | **Мониторингдин индикатору:** | | | | | |
| **1.1.** БАП иштеп чыгуу | ● БАП иштеп чыгууга тендерди өткөрүүнүн өз убагында ишке ашуусу (натыйжанын индикатору, сандык индикатор) | ● документтер менен иш алып баруу ● визуалдык | ● тендердик комиссиянын отчету | ● подрядчы менен келишимдин көчүрмөсү | 1 жолу | 2014-жылдын 10-июну. |
| **1.2.** Осмонов көч. боюнча водоводдордун төшөөсү аякталды | ● водоводдордун узундугу (натыйжанын индикатору, сандык индикатор) ● трубалардын БАПка шайкештиги(натыйжанын индикатору, сандык) | ● документтер менен иш алып баруу ● визуалдык ● эксперттик баа | ● ченөөнүн натыйжалары ● эксперттер | ● ченөөнүн акты ● эксперттик бүтүм | 1 жолу | 2013-жылдын 1-августу. |

Процессти жөнгө салуу жеңил болбосо да, жумушчу топтор бул долбоорлорго мониторингди ишенимдүү өткөрүп, алардын натыйжаларына баа берип жатышат. Мисалы, Кашка-Суу жана Чоң-Алай АА өкүлдөрү мониторинг жана баалоо топторунун иштери тууралуу айтып берип жатып, кесиптештери менен документтер (уруксат берчү документтер, курулуш материалдарынын сертификаттары ж.б.) жана долбоорду ишке ашырган подрядчылар менен иш алып баруунун тажрыйбасы менен бөлүшө кетишти. Алардын практикасында мониторинг жана баалоо тобу менен подрядчы уюмдун жетекчисинин ортосунда жаңжалдар орун алган. Ошол учурда айыл өкмөт башчысынын топту түзүү жана анын курамын бекитүү тууралуу буйругу жардам берген.

Активисттер – жумушчу топтордун катышуучулары – өз ишинде жана мындан ары мониторинг жана баалоонун аспаптарын пайдаланайын деп жатканы өтө маанилүү. Өмүрбек ШАНШОЕВ, жумушчу топтун төрагасы, Кашка-Суу айылдык аймагынын юристи: «Биз мындан ары да калктын катышуусу менен Жумушчу топтун кеңейтилген жыйындарын өткөрө берүүнү чечтик. Ошол жыйындарда жумушчу топ аткарылган иштер, долбоорлорго жүргүзүлгөн мониторинг тууралуу үзгүлтүксүз отчет берип турат».



## Стратегия – тирүү жана аны аткарса болот

Долбоордун негизги натыйжасы катары элеттик жашоочулардын пландоо процессине, өз мүмкүнчүлүктөрүнө жана пландоо менен мониторинг үчүн өзүнө жоопкерчилик алуу жөндөмдүүлүгүнө карата мамилесинин, кабылдоосунун өзгөрүүсүн эсептесе болот. Адамдардын өз милдеттерине жана статусуна карата мамилесин өзгөртүү баарынан да маанилүү жана кыйын деген ырастоо өз актуалдуулугун жогото элек. Анткен менен долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө практикалык натыйжалар да жетишилди. Активисттерди жана ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүн өзүнө кошкон



жумушчу топтун атынан пилоттук муниципалитеттер өз ресурстарына анализ жасаганды жана тышкы ресурстарды тартканды үйрөнүштү; процесске мониторинг жүргүзүүнүн принциптерин жана долбоорлорду жана стратегиялардын иш-чараларын ишке ашыруунун натыйжаларын өздөштүрдү; иш-чараларды жана долбоорлорду пландоонун ыкмаларын жакшыртты; башкаруу органдары ортосундагы жоопкерчиликти бөлүштүрүүнү түшүнүп, мамлекеттик сатып алуулардын атаандаш жолжоболоруна талаптардын бөлүгүн өздөштүрүштү. Жамааттардын өздөрүндө калкты мобилдештирүү жакшырды – жамааттар аймакты өнүктүрүүнү пландоого катышуусу канчалык маанилүү экенин баамдап, өнүктүрүүгө кошкон салымынын маанисин көрө алышты. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары да өстү: муниципалдык лидерлер жана кызматкерлер стратегияларды жамааттардын катышуусу менен кайра карап чыгуу жана жакшыртуу керектигин баамдашты, көптөрдө тышкы инвестицияларды тартуу жөндөмү пайда болду, дээрлик ар бир муниципалитетте стратегияны иштеп чыгуу боюнча даяр адис пайда болду. Стратегиялардын өздөрү да өзгөрдү – бир жагынан документтер дагы да алгылыктуу болсо, экинчи жагынан стратегиянын ичиндеги иштердин көлөмүнө карата дагы да тагыраак жана айкыныраак болуп калды.

Стратегиялар ордунан канчалык жылганы жана жашоого сиңе баштаганы, бул өзгөрүүлөр айылдагы турмуш шарттарга канчалык таасирин тийгизгени тууралуу сөз козгой турган учур келди. Айталы, Кара-Кочкордо пландалган 17 иш-чаранын бешөө аткарылса, Кашка-Жолдо 21 иш-чаранын жетөө, Чоң-Алайда (эң алыскы аймак) 20 долбоор аткарылды, Бүлөлү аймагында – Алай районунун эң депрессивдүү району – 24 долбоордун 12син ишке ашырууга жетишти. Баса, Бүлөлү райондогу мыкты муниципалитет наамына көрсөтүлгөн.

Ошону менен бирге долбоорлорду ишке ашырууга калк активдүү катышты, акча каражаты, курулуш материалдары түрүндө гана салым кошпостон, өздөрү да эмгектенип жатышты. Маанилүүсү, долбоорлорду каржылоого жергиликтүү бюджет, демөөрчүлөр жана донордук долбоорлор катышты. Мисалы, Он-Арча аймагындагы Эчки-Башы айылында республикалык бюджеттин жана калкты мобилдештирүүнүн эсебинен клубдун капиталдык ремонту жасалды. Ошондой эле жергиликтүү бюджеттин эсебинен жана калкты тартуу менен ички жолдор оңдолду. Орток аймагында бала бакчалардын курулушу аяктап калды, негизги каражатты калк чогултту (60%), Ага-Хан фондунан грант алынды (30%). Белгилей кетчү жагдай, Долбоор Ош жана Нарын облустарынын 10 АА артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн 5 800 069 сом өлчөмүндө 11 долбоордук сунушту каржылык жактан колдоп бере алды (тиркемени караңыз).

**Ош жана Нарын облустарынын 10 айылдык аймагындагы артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн 11 долбоордук сунуш 5 800 069 сом өлчөмүндө каржылык колдоого ээ болду**

2013-жылдын 26-августу, Ош, Кыргызстан: MSDSP KG Коомдук Фонду (Ага-Хан фондунун демилгеси) Ош жана Нарын облустарынын максаттуу айылдык аймактарынын жергиликтүү жамааттарынын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн туруктуу чечүүгө багытталган гранттарды алууга сынактын жыйынтыгын чыгарды. MSDSP KG Коомдук Фонду жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана аткаруучу уюмдар жалпы суммасы 12 558 397 сомго 11 долбоорду ишке ашырууга үч тараптуу макулдашууларды түзүүгө киришти. MSDSP KG Коомдук фондунун тарабынан 5 800 069 сом бөлүнөт, калган бөлүгү жергиликтүү жамааттардын, жарандык коомдун уюмдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз салымынын үлүшү болуп эсептелет. Ал салым долбоордук сунуштардын жалпы наркынан 54% түзөт.

Гранттарды алууга сынак 2013-жылдын июнь айынан августуна чейин өткөрүлгөн. MSDSP KG Коомдук фондунун жана Ага-Хан Фондунун, Борбор Азия университетинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин өкүлдөрүнөн турган гранттык комиссиянын кароосуна 26 долбоордук сунуш берилди. Долбоордук сунуштардын жалпы наркы 20 909 664 сомго бааланды.



## Грант алган долбоорлор:

| Район | АА | Долбоор (расмий аталышы) | Бюджети (сом) |
|---|---|---|---|
| Ат-Башы | Ак-Талаа | Терек-Суу айылында машыгуу залын ачуу | 488 804 |
| Чоң-Алай | Чоң-Алай | Кызыл-Эшме айылында таза суу түтүктөрүн куруу | 1 088 000 |
| Нарын | Чет-Нура | Баланын гармоникалык өнүгүүсү аркылуу татыктуу жашоо (Орто-Саз айылында бала бакчанын курулушу) | 3 788 260 |
| Кара-Кулжа | Кашка-Жол | Жакынкы жайыт жана үлүш жерлерге жеткирчү көпүрөнү куруу | 617 000 |
| Алай | Бүлөлү | Арзиев орто мектебинде жыйын залын куруу | 1 329 800 |
| Кара-Кулжа | Кара-Кочкор | Таш-Коргон жолун куруу жана реконструкциялоо | 612 000 |
| Чоң-Алай | Чоң-Алай | Гүлчө айылында ФАП куруу | 1 149 121 |
| Нарын | Он-Арча | Сугат жерлерге жетүү аркылуу жаш үй-бүлөлөрдүн туруктуу өнүгүүсүн камсыздоо | 580 800 |
| Нарын | Орток | Таш-Башат айылында ФАП имаратын бала бакчага ылайыкташтырып куруу жана кайра жасалгалоо | 1 784 000 |
| Чоң-Алай | Кашка-Суу | Кабык айылындагы мектепке чейинки балдардын билим, тарбия алуусуна шарт түзүү | 590 612 |
| Ат-Башы | Кара-Коюн | Айыл калкынын ден соолугуна кам көрүү | 530 000 |

Бардык аталган долбоорлор жергиликтүү жамааттардын демилгелерин ишке ашырууга жана жергиликтүү өнүктүрүү стратегиясынын максаттарына жана тапшырмаларына жетүүгө багытталган. Тандалган долбоорлорду ишке ашырууга гранттар Норвегиянын Тышкы иштер министрлиги каржылаган «Кыргыз Республикасында туруктуулукту жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү алга жылдыруу (2-фаза)» долбоорунун алкагында бөлүнүп берилди.



Бирок кайталайбыз: негизги жетишкендик – адамдар өз күчүнө ишенип калышты. Аттокур ЖУСУПОВ, жумушчу топтун мүчөсү, Кара-Кулжа аймагында жашаган дыйкан, долбоорго анын биринчи фазасында, 2011-жылы катышкан. Бирок стратегия менен ишти уланта берүүдө. Бул болсо түзүлүп жаткан жумушчу топтордун туруктуулугунан кабар берет: «Мен биринчи жолу стратегияны иштеп чыгууга катыштым. Бул мен үчүн абдан маанилүү тажрыйба болду. Мен өзүмө биринчи жолу суроолорду узаттым, мисалы, кайсы иш-чараларды стратегияга кошуу керек, бул үчүн жергиликтүү бюджеттен каражат жетеби деген өңдүү маселелерде пикиримди билдире баштадым. Эми жашоону жакшы жакка өзгөртсө болоруна ишенип калдым. Эгерде айыл өнүккөн болсо, анда район да, облус да, Кыргызстан да өнүгөт». Гүлүмкан ЗИКИРЯЕВА, жумушчу топтун мүчөсү, Кара-Кочкор айылдык кеңешинин депутаты: «Мурда стратегияны айыл өкмөтүнүн кызматкерлери иштеп чыкчу. Ал эми биз болсо бул документти алардын өзүнүн жумушчу планы катары кабыл алчубуз жана анын аткарылышына катышчу эмеспиз. Эми болсо биз бул документти жалпы жамааттыкы катары кабыл алабыз. Анткени аны иштеп чыгууга, иш-чараларды пландоого бардыгы катышкан. Ошентип биргелешип аткарып жатабыз!».

* * *

Бул долбоор алыскы жана тоолуу жамааттарда жашоо шартты жакшыртуу жаатында талашкыс практикалык баалуулукка ээ. Долбоор жамааттарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына төмөнкүнү түшүнүүгө жардам берди: ***стратегия – бул кайсы бир максатка жетүү боюнча жөн гана кандайдыр бир план эмес. Бул муни-***

***ципалитеттин жаратылыш, каржылык, кадрдык, убакыт, ишкердик өңдүү ресурстарын табууга, бириктирүүгө жана мүмкүн болушунча натыйжалуу пайдаланууга жол берген өзөк. Жалпы максатка жетүү – жашоо шартты жакшыртуу үчүн дал ошол стратегиянын тегерегинде адамдардын түрдүү топтору бириге алат, бизнестин, башкаруу органдарынын, жамааттын кызыкчылыктары төп келишет.*** Мисалы, стратегия кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым бир түрлөрүн башкаруу органдарынан бизнеске өткөрүп берүү оң болгонун, ал эми жамааттардын маданий салттарды сактап калуу боюнча аракеттери жаштарды тарбиялоого көмөктөшөрүн, бул болсо жүрүм-турум маданиятынын деңгээлин жогорулатып, ошол эле ишкердин жашоосун коопсуз кыларын көрө алууга жардам берет. Же болбосо бюджеттик каражатты сарптоо тууралуу маалыматтын ачык болгону бизнестин бийликке ишеним деңгээлин жогорулатат жана бизнес салыкты дагы да жакшы жана ачык төлөй баштайт. Ошентип долбоордун пилоттук аймактарында өнүктүрүү стратегиясы муниципалитеттин ар бир тургуну үчүн жандуу, чыныгы, маанилүү жана керектүү болуп калды.

## Фактылар сүйлөйт

- Аймактарда ЖӨБ органдарынын жана жарандык коомдун 474 өкүлүнөн турган 15 жумушчу топ түзүлгөн. Жумушчу топтор өзүнө аялдардын 35 пайызын жана 14-28 жашка чейинки жаштардын 21 пайызын камтыйт.
- Жумушчу топтор колдо болгон жергиликтүү өнүктүрүү стратегиясынын кемчиликтерин жана чабал жактарын баалап, аларды ийнине жеткире иштеп чыгуу үчүн жергиликтүү кеңештерден колдоо алышты.
- Жамааттын керектөөлөрүн баалоо жана өнүгүүнүн артыкчылыктарын аныктоо үчүн жумушчу топтор өз айылдык аймактарындагы калктын 20 пайызын сурамжылап чыгып, бардык үй чарбачылыктарынын жетиден бир бөлүгү арасында фокус топторду жүргүзүштү.
- Долбоор менен иш алып баруу процессинде жумушчу топтун мүчөлөрүнүн 21% жергиликтүү өнүгүүнү стратегиялык пландоо боюнча билимдеринин жана шыктарынын жогорулаганын көрсөтө алышты.
- 59 айылда жергиликтүү өнүгүүнүн иштелип чыккан стратегиялары боюнча коомдук угуулар өтүп, ага 2444 тургун катышты.
- Жергиликтүү өнүгүүнүн 15 иштелип чыккан стратегиясын тийиштүү айылдык кеңештер бекиткен.
- 11 долбоордук сунуш сынактын негизинде 5 997 967 сом өлчөмүндө каржылоого ээ болду. Долбоордук сунуштардын жалпы суммасы 12 399 995 сомду түздү (кызыкдар тараптардын кошумча салымдарын жана демөөрчүлүк жардамды эсепке албаганда).

## Долбоордун максаттуу тобу (пилоттук муниципалитеттер жана калк)

Жалпысынан долбоор 59 айылды, 87 миңден ашык адам жашаган 19 000ден ашуун үй чарбачылыгын камтыды. Долбоордун пилоттук муниципалитеттери:

**Ош облусунда**

- Кара-Кулжа районунда: Кашка-Жол, Кара-Кочкор, Кара-Гуз айылдык аймактары (АА);
- Алай районунда: Бүлөлү, Корул, Кабылан-Көл АА;
- Чоң-Алай районунда: Чоң-Алай, Кашка-Суу АА.

**Нарын облусунда**

- Нарын районунда: Чет-Нура, Он-Арча, Орток АА;
- Ат-Башы районунда: Ат-Башы, Ак-Талаа, Ак-Моюн, Кара-Коюн АА.




**Надежда ДОБРЕЦОВА,**
**Асылбек ЧЕКИРОВ,**
**Султан МАЙРАМБЕКОВ**

# Беловодск аймагы: жаңы стратегия өз алдына социалдык милдеттерди коёт

**Беловодск айылдык аймагы – бул динамикалуу түрдө өнүгүп жаткан экономикасы, көп улуттуу жамааты бар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун байыркы салттарына ээ болгон ири элеттик муниципалитет. Өнүктүрүү саясат институту менен Беловодск аймагын көп жылдык өнөктөштүк мамилелер байланыштырып келатат. Ошону менен катар кызматташтыктын алгачкы кадамдарынын бири 2008-жылдан 2012-жылга чейинки мезгил аралыгын ээлеген муниципалитетти өнүктүрүүнүн стратегиясын иштеп чыгуу боюнча биргелешкен иш болгон. Стратегия ишке ашырылды. Беловодск аймагы Кыргыз Республикасында аймакты өнүктүрүүдө стратегиялык пландоону ийгиликтүү колдонгон алгачкы муниципалитеттердин бири болгонун эсепке алуу менен алгачкы стратегияны ишке ашыруунун натыйжаларын жана бүгүнкү күндө ошол иштердин уландысын карап чыгуу өтө маанилүү. «Стратегиялык пландоо» багытын камтыган айрым долбоорлордун болбогонуна карабастан ӨСИ муниципалитеттердин 2013 – 2017-жылдарга эсептелген жаңы өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгууга жардамдашуу өтүнүчүнө кайдыгер карай алган жок. Анын натыйжасы мындай болду.**



Муниципалитеттин стратегиясы – бул деталдаштырылган программалары жана өнүктүрүү пландары бар, тандалып алынган өнүктүрүү концепциясына жана узак мөөнөттүү божомолдорго негизделген аймакты өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү планы.

Бюджеттик мамилелердин эки тепкичтүү системасына өтүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы акыркы өзгөрүүлөрдүн ичинен эң маанилүүсү болуп, башкаруу маселелерине системалык мамиле жасоону талап кылды. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мыйзамдык деңгээлде өз алдынчалуулукту берүү алар кабыл алган ар бир башкаруучулук чечимдер үчүн өтө чоң жоопкерчиликти алууга мажбурлайт. Айылдык аймакты өнүктүрүүнүн сабаттуу, жүйөлүү стратегиясын кабыл алуу – бул биринчи кезекте көптөгөн факторлорду эсепке алуу менен иштелип чыккан саясий чечим. Жоопкерчиликтүү башкаруучулук чечим түзүлгөн кырдаалга жасалган анализдин натыйжаларына таяныш керек, социалдык жана экономикалык жактан негизделген болушу зарыл. Айылдык аймактын деңгээлинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигинин натыйжалуулугун жогорулатуу зарыл. Ал жергиликтүү калктын жашоо деңгээлин жана сапатын жогорулатуу өндүү негизги максатка жетүүгө багытталган.

## Биринчи өнүктүрүү стратегиясы кийинкиси үчүн негиз болуп берет

Беловодск АА жетекчилиги жаңы стратегияны иштеп чыгууда консультациялык жана техникалык колдоо көрсөтүү өтүнүчү менен Өнүктүрүү саясат институтуна кайрылды. Жергиликтүү экономикалык өнүгүүнүн мурдагы Стратегиясын ишке ашыруунун мөөнөтү аяктап калганы, пландарга социалдык багыт берүү зарылчылыгы жаңыртылган Стратегияны иштеп чыгууга негиз болуп берди. 2010-2012-ж.ж. аралыгына Беловодск айылдык аймагынын жергиликтүү экономикалык өнүгүү Стратегиясынын аткарылышына жасалган анализ көрсөткөндөй, айылдык аймактын территориясында ишкерчиликти өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө багытталган 15 долбоор документтин негизин түздү. 8 өзөктүк долбоор толугу менен жыйынтыкталды. Алар жер участокторун берүүнүн айкын эрежелери боюнча шарт-

тарды бир топ деңгээлде жакшыртып, белгилүү бир баскычта кичи бизнес үчүн насыяларды жеңилдик менен алуу мүмкүнчүлүктөрүн түзүп, айылдын санитардык абалын жакшыртууга көмөктөштү. «Таза айыл» долбоору Кыргызстандагы мыкты инновациялык долбоорлордун бири катары таанылып, жергиликтүү экономикалык өнүгүү боюнча USAID Программасынан белек алган. Тышкы инвестициялар маселелери боюнча айыл өкмөтүнүн адистеринин дараметин күчтөндүрүү, алгылыктуу эмгек шарттарын түзүү аяктаган мезгил ичинде экономикалык жана социалдык чөйрөлөргө 42,5 млн. сом кошумча инвестиция тартууга жол ачты.

Долбоорлордун бир нечеси жеке насыя мекемелердин активдүү ишмердигине, маалымат коммуникацияларынын өнүгүүсүнө, башка себептерге байланыштуу актуалдуулугун жоготкондуктан ишке ашырылбай калды. Айрым бир соңуна чыкпай калган долбоорлор 2013-2017-ж.ж. Өнүктүрүүнүн стратегиялык планында эсепке алынат. Мисалы, таза суу жана сугат суу менен камсыздоо боюнча долбоорлор.

Жаңы Стратегиянын негизги максаты Беловодск АА жашоочуларынын берекелүү турмушун туруктуу жогорулата берүүнү камсыздоонун, орто мөөнөттүү келечекте (2013-2017-ж.ж.) экономиканы динамикалуу өнүктүрүүнүн жолдорун жана ыкмаларын аныктоо болуп калды. Беловодск АА стратегиялык планын даярдоонун негизги өзгөчөлүгү мыйзамдарга киргизилген экономикалык пландоого карата жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына басым жасоо болуп калды. Ошону менен катар стратегиянын авторлору экономиканын негизги функциясы адамдардын турмуш тиричилиги үчүн зарыл болгон жана ансыз коом өнүгө албай турган шарттарды дайыма түзүүдөн турат деген ойду карманышат. Экономика чектелүү ресурстар дүйнөсүндө адамдардын керектөөлөрүн канааттандырууга жардам берет.

Стратегияны иштеп чыгуунун форматы аныкталды. Ал айыл өкмөтүнүн жана кеңештин депутаттарынын жарандык сектор менен өз ара тыгыз байланышына таянат. Беловодск айылдык аймагын



өнүктүрүү Стратегиясын түзүү боюнча консультациялар жана техникалык колдоолор төмөнкүдөй негизги баскычтарды өзүнө камтыйт:

- 2008 – 2012-ж.ж. аралыгында жергиликтүү экономикалык өнүгүүнүн мурдагы стратегиясынын аткарылышына анализ;
- азыркы кырдаалдын SWOT-анализи;
- Беловодск айылдык аймагынын жаңыртылган Элесин түзүү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын миссиясын аныктоо;
- өнүгүүнүн стратегиялык планына кошулууну талап кылган, жамааттын турмуш тиричилигиндеги артыкчылыктуу чөйрөлөрдү аныктоо;
- жамааттын турмуш тиричилигинин маанилүү чөйрөлөрүндөгү өзөктүү көйгөйлөрдү сүрөттөө;
- өзөктүү көйгөйлөрдү чечүү үчүн максаттарды жана тапшырмаларды түзүү.

## Пландоо этаптары




Милдеттүү шарттар төмөнкүлөр: Стратегиянын жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарына негизделиши, кыска, жөнөкөй жана түшүнүктүү мазмун, максаттарга жетүүнүн реалдуулугу. Ошондой эле Стратегияны ишке ашыруу боюнча конкреттүү иш-чараларды иштеп чыгууну да айыл өкмөтүнүн өзү жүзөгө ашырыш керек эле. ӨСИ тарабынан консультациялардын жүрүшүндө тиркемелерди даярдоо боюнча колдоо көрсөтүлдү:

- Беловодск айылдык аймагын өнүктүрүү Стратегиясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планы;
- Беловодск айылдык аймагын өнүктүрүүнүн Стратегиялык планына мониторингди жана баалоону жүргүзүүнүн планы.

## Башкаруу органдарынын Элесинин (келечек образы) жана миссиясынын өзгөрүүсү

Жалпысынан өзгөрүүлөр Стратегиянын бардык бөлүмдөрүн тийип өттү. Беловодск АА элеси (келечек образы) олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду. Анткени буга чейин көңүлдүн баары ыкчам өнүгүп жаткан Бишкекке бурулган эле. Ал эми Беловодсктун келечеги көпчүлүк деңгээлде борбор калаа менен байланыштырылган. Айылдын аймагында жайгашкан өндүрүш ишканалардын продукциясы дал ошол Бишкекте гана сатылышы керек болчу. Айыл чарба өндүрүшүнүн өнүгүүсү көбүрөөк даражада калкынын саны дээрлик миллионго жеткен шаардын базарына багытталыш керек болчу. Бишкекке жакын жайгашкандыгы тургундарга борбор калаада иш таап, Бишкектин жогорку окуу жайларында билим алууга жол ачты. Жаңы Элес көбүрөөк өз алдынчалуулукка жана конкреттүү тургунга индивидуалдык багытталышка ээ болгон. Беловодск АА келечегин эми калкы айыл чарба жана кайра иштетүү чөйрөсүндө туруктуу иштери бар болгондун эсебинен татыктуу жашоо деңгээлине ээ аймактын динамикалуу өнүгүүсү менен байланыштырышат.

Өзгөрүүлөр ошондой эле башкаруунун жергиликтүү органдарынын миссиясын да кыйгап өткөн жок. Эгерде буга чейин басым консолидацияны камсыздоого жана ички жана тышкы ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга жасалып келсе, эми болсо ЖӨБ органдары өз ролун калкка сапаттуу кызматтарды түздөн-түз көрсөтүүдө жана жергиликтүү экономиканын өнүгүүсү жана жамааттын турмуш тиричилигинин бардык чөйрөсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүдө көрүп калышты.

Ошондой эле башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдарынын системасынын өзгөчөлүктөрү эсепке алынды. Айылдык кеңештин депутаттары эми калктын кызыкчылыктарын чагылдыруу менен айылдык аймакты өнүктүрүү саясатын түзүү, өнүктүрүү пландарынын аткарылышы үчүн калк алдында туруктуу негизде отчеттуулукту камсыздоонун миссиясын көбүрөөк баамдай башташты. АӨ аппаратынын кызматкерлери жана муниципалдык ишканалардын жумушчулары жергиликтүү кеңештин депутаттары жана жергиликтүү тургундар менен тыгыз байланышта болуп, калк тарабынан кызматтарды көрсөтүүнүн сапатына жогорку деңгээлде канааттануусун камсыздайт.



## Артыкчылыктар тууралуу талкуулар

Биринчи уюштуруучулук жолугушууга ири чарбачылыктардын, ишканалардын жетекчилери, бизнестин жана социалдык сектордун өкүлдөрү катышты. Ошол жолугушууда стратегиялык планга даярдык көрүүнүн зарылчылыгы баарына эле түшүнүктүү боло берген жок. Негизги жана жалгыз маселе катары катышуучулар финансы каражаттарынын жетишсиздигин жана иштебеген мыйзамдарды аташты. Эгерде бул маселелер жөнгө салынса, айыл өкмөтү өзү эле кайсы маселелерди биринчи кезекте чечип, аларды ийгиликтүү ишке ашырса болорун аныктап алат деген пикир басымдуулук кылды. Өнүктүрүү Стратегиясы айыл өкмөтүнүн иш планы боло албайт жана болбош керек, анын максаты бир кыйла кеңири, ал эми аткарууга жамааттын түрдүү кызыкчылыктардагы топтору тартылыш керек деген түшүнүк жок болду. Ошондуктан алгачкы жолугушууда катышуучуларга жергиликтүү жамааттын чечимдерди кабыл алуу процессине тартуунун мааниси, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функциялары жана ыйгарым укуктары, аймакты өнүктүрүүнү пландоонун зарылдыгы тууралуу маалыматты берүү маанилүү болчу. Натыйжада жамаатта процессти дагы да айкын түшүнүү пайда болуп, стратегиялык планды даярдоонун методологиясын макулдашып, курамына айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, айылдык кеңештин депутаттары, бейөкмөт уюмдардын, бизнестин, социалдык чөйрөнүн өкүлдөрү кирген жумушчу топту түзүү мүмкүн болду.

Консультациялык жолугушуулардын экинчи айлампасы стратегиялык пландын мазмундук бөлүгүнө арналып, өзгөчө маселелердин артыкчылыктуулугуна карата кызуу талкуулар менен коштолду. Мисалы, Биринчи май орто мектебинин директору, кеңештин депутаты Ольга Николаевна ФЕДОРОВА билим берүү чөйрөсүндө окутуучулардын жана окуучулардын мотивация деңгээли төмөн болгонун, билим берүүчү мекемелердин материалдык-техникалык базасынын чабал болгону жаштардын сапаттуу билим алуусуна шарт түзө албай жатканын белгиледи: «Бул ошондой эле мектеп мугалиминин аброюнун жана статусунун төмөндөп кетиши, окутуу үчүн инновациялык жабдуулардын жетишсиздиги, мектеп имараттарынын начар абалы, окутууга окуучулардын жана билим алгандардын өздөрүнүн кызыкдар болуу деңгээлинин төмөндүгү менен шартталат». Жылуулук жана суу менен камсыздоо ишканасынын башкы инженеринин баамында, жамааттын негизги көйгөйү – суу менен камсыздоонун жана канализациянын азыркы системасы калктын керектөөлөрүн толук өлчөмдө канааттандыра албайт. Бакыт АЛЫМБЕКОВ, АӨ башчысынын орун

басары көрктөндүрүү маселелерине көңүл бурууга чакырды: «Акыркы жылдары Беловодск айылдык аймагын көрктөндүрүү боюнча көрүлгөн чараларга карабастан, бул процесске туруктуу мүнөз берүү зарыл. Таза, жашыл шаар айылдын эн белгиси болуп калышы үчүн шарттарды түзүү зарыл. Айылдык аймакты көрктөндүрүүнүн камсыздоого карата бирдиктүү комплекстик мамиленин жоктугу өзөктүү көйгөй болуп калды. Бул маселе жарандардын ыңгайлуу жашоосу үчүн туруктуу системаны түзүүгө жол бербей жатат. ЖӨБ органдарынын гана аракеттери жетишсиз, калктын өзү да кызыкдар болушу керек».

Кимдин көйгөйү жамаат үчүн дагы да маанилүү? Артыкчылыктарды кантип аныкташ керек? Бул суроолор дайыма талаштарды жаратып келет жана бул жерде чындыкты табуу мүмкүн эмес. Анткени ар кимдин өз чындыгы бар. Анткен менен стратегиялык пландоонун методологиясы бул кырдаалдан жол табууга жардам берет. Мындай учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун билим берүү жана саламаттык сактоо чөйрөлөрүндө көйгөйлөрдү чечүүгө таасир эте алуу мүмкүнчүлүгүн кароого туура келди. Катышуучулар көйгөйлөргө анализ жүргүзүп, бул чөйрөлөрдөгү өзөктүү маселелер аныкталды. Бирок жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясы позициясынан чечимдерди издөөдө бардыгы айыл өкмөтүндө жана айылдык кеңеште билим берүүнү же саламаттык сактоону өнүктүрүүгө таасир эте алчу ыйгарым укуктар жок деген пикирге келишти. Катышуучулар ЖӨБ органдары билим берүү системасына кыйыр түрдө таасир этүүгө жөндөмдүү болгонун мойнуна алгандыктан, стратегиянын негизги багыттары мектепте, мектепке чейин, атайын билим берүү болуп калды. ЖӨБ органдарынын мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алуу менен, бул маселелер мугалимдер жана окуучулар үчүн социалдык программаларды иштеп чыгуу аркылуу окутуучуларга дем берүү, билим берүүчү мекемелердин материалдык-техникалык базасын жакшыртуу аркылуу чечилет.

Аймакты көрктөндүрүүнүн туруктуу процессин түзүү маселелери да артыкчылыктуулардын катарына кирди. Орто мөөнөттүү келечекке негизги багыттар да суу менен камсыздоо жана канализация, маданият жана спорт секторлору, инвестицияларды тартуу маселелери болуп калды.

Беловодск АА өнүктүрүү стратегиясынын багыттарын натыйжалуу ишке ашыруу максатында күтүлгөн натыйжалары менен тапшырмалар коюлуп, конкреттүү индикаторлор белгиленип, ишке ашыруунун мөөнөттөрү аныкталды.

## Натыйжага сапаттуу пландоо жана жамааттын катышуусу аркылуу жетсе болот

Жаңы стратегияны аткаруунун натыйжалары өзүн көпкө күттүргөн жок. 11 айдын жыйынтыгы боюнча, көптөгөн белгиленген иш-чаралар аткарылды. 2014-жылга бюджетте ири долбоорлорду ишке ашырууга каражаттар пландалган: №2 Беловодск орто мектебинин от жагуу жайынын курулушу, айылдын суу түтүк түйүнүнүн капиталдык ремонту, билим берүү системасында шыктандыруу жана дем берүү боюнча программалар ж.б.

Иш-чараларды ийгиликтүү ишке ашыруу жергиликтүү бюджеттерде каражаттардын белгилүү бир көлөмүн топтоштурууга жол ачат. Бул каражаттарды андан кийинки өнүгүүгө багыттаса болот. Мисалы, көпчүлүк айылдар үчүн актуалдуу маселе – бул ички жолдордун абалы. Беловодскто ал төмөнкүдөй чечилди: жыл сайын жергиликтүү бюджетте жолдордун абалын көзөмөлдөп турууга каражат каралат. Буга кошумча жергиликтүү бийлик бул акчанын бир бөлүгүн жолдордун капиталдык ремонтуна (асфальт төшөөгө) жиберип турууну чечти. Мунун натыйжасында жолдорго байланыштуу маселе пландуу түрдө чечиле баштады.

Анткен менен өнүктүрүү стратегиясынын максаттарына жана тапшырмаларына жетүү олуттуу капиталдык салымдарды талап кылат. Ал эми аны ЖӨБ органдары өз алдынча чогулта албашы ыктымал. Айрым бир иш-чараларды аткаруу болсо өнүктүрүү программасынын бардык потенциалын толук өлчөмдө ишке ашырууга жол бербейт жана анын көптөгөн жоболорун ишке ашырылбаган бойдон калтырат. Мындай шарттарда ЖӨБ органдары муниципалитеттин социалдык-экономикалык өнүгүүсүн кантип ишке ашырат? Бул жерде бир гана чечим бар. Жамааттын пикирине көбүрөөк кулак төшөөнү, калктын потенциалын эсепке алып, аны ишке тартууну үйрөнүү зарыл экенин унутпаш керек.

Аскат АРГЫНБАЕВ, Беловодск айыл өкмөтүнүн жергиликтүү экономикалык өнүгүү боюнча адиси: «Беловодск айылдык аймагын Өнүктүрүүнүн стратегиялык планы – бул 2013-жылдан 2017-жылга чейинки мезгил аралыгында биздин айылдын жана жергиликтүү жамааттын өнүгүүсүнүн жолдорун жана формаларын аныктаган документ. Документти иштеп чыгууга кичи жана орто бизнестин, билим берүүнүн, саламаттыкты сактоо тармагынын, бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү, айылдык кеңештин депутаттары, айыл өкмөтүнүн кызматкерлери активдүү катышты. Өнүктүрүү саясат институтунун адистеринин кеңештери да пайдалуу болду. Талкуунун жүрүшүндө жумушчу топтун мүчөлөрү жамааттын өнүгүү вектору социалдык жактан багытталган, тургундарынын өздөрүнүн керектөөлөрүнө негизделген болуш керек деген тыянакка келишти. Ошонун негизинде биз түрдүү чөйрөлөрдөн (билим берүү, суу менен камсыздоо, канализация, көрктөндүрүү, маданият жана спорт ж.б.) 29 долбоорду иштеп чыктык. Менимче бул стратегиялык план жакшы иштелип чыкты. Анткени ал дал ошол ЖӨБ органдарынын күчү менен чечилген тапшырмаларды камтыйт».

**Танат ОСМОНКУЛОВ,**
**ӨСИнин жергиликтүү**
**өз алдынча башкаруу боюнча адиси**

# Бишкек шаарын өнүктүрүү стратегиясы: шаар жана шаардыктар

## 2014-2018-ж.ж. АРАЛЫГЫНДА БИШКЕКТИ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН СТРАТЕГИЯСЫ

**2013-жылдын соңунда «Шаар жана шаардыктар» деп аталган 2014-2018-ж.ж. аралыгында Бишкек шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн стратегиялык артыкчылыктарын аныктаган документ (мындан ары – Стратегия) коомдук талкууга коюлду. Ушул тапта Стратегия республикада белгилүү болгон сайттарга, анын ичинде Бишкек шаардык кеңештин сайтына жайгаштырылды. Шаардык кеңештин сессиясында талкуунун алдында Стратегиянын долбоорун коомдук угууларда талкуулоо пландалууда.**



### Стратегияларга эскиче мамиле жасоо көйгөйү

Биздин өлкөдө тиги же бул чөйрөнү реформалоонун зарылчылыгын баяндаган программалык документтер көп кабыл алынат. Муниципалитеттерди өнүктүрүү программалары тууралуу айта турган болсок, эреже катары мындай түрдөгү документтер көбүрөөк ЖӨБ органдарынын өздөрүнүн (адатта аткаруу органдары – мэрия жана айыл өкмөтү), муниципалдык ишканалардын жана мекемелердин иш-мердигин жакшыртууга, алардын өз функционалдык милдеттемелерин калктын суроо-талаптарын аткарууга байлабастан аткарууга багытталган. Башкача айтканда, стратегияларды ЖӨБ органдары өздөрү жана өкмөт үчүн жазат, ал эми калк обочодо кала берүүдө.

Мындай кырдаал «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдан улам келип чыккан. Бул мыйзамда өнүктүрүү документтерин иштеп чыгуу боюнча ыйгарым укуктар мэрия жана айыл өкмөтүнүн атынан ЖӨБдүн аткаруу органдарына жүктөлөөрү, ал эми жергиликтүү кеңештер берилген документтер боюнча чечимдерди талкуулап, кабыл алары тууралуу норма киргизилген. Андыктан документтерге көп учурда муниципалитетти башкаруу органдарындагы учурдагы абалды жакшыртууга багытталган иш-чаралар киргизилет. Бишкектин Стратегиясын алып карай турган болсок, кырдаал принципиалдуу түрдө башкача.

### Шаардын эмес, бирок шаардыктардын Стратегиясы!

Бишкек шаардык кеңештин депутаттарынын жаңы курамы «Сүйүктүү шаар» жана «Жаңыланган борбор» аттуу Бишкекти өнүктүрүүнүн буга чейинки стратегияларынын натыйжаларын үйрөнүп чыгып, программалык документти түзүүгө карата мамилени кескин түрдө өзгөртүү зарыл деген тыянакка келишти. Биринчиден, Стратегия Бишкектин тургундарынын өздөрүнүн шаардын болочогун кандай көрөрүнө негизделип, ошондой эле алардын түздөн-түз катышуусу менен иштелип чыгыш керек. Экинчиден, буга чейинки программалык документтерди ишке ашыруунун тажрыйбасы көрсөткөндөй, шаардын учурдагы башкаруу системасы жана бюджеттик саясаты шаардын мындан аркы өнүгүүсүн камсыздай албайт. Ошентип жаңы Стратегия аны түзүүдө инновациялык жана инклюзивдик (калк менен өнөктөштүк) мамилени талап кылат. Мында жергиликтүү бийлик органдарынын өзүндө саясий эрк болуш керек. Ушул шарттарда дал Бишкек шаардык кеңеши Кыргыз Республикасынын борбор калаасын өнүктүрүүнүн жаңы программалык документин түзүү үчүн өзүнө демилгени жана жоопкерчиликти алды.

Шаардык кеңештин төрагасынын буйругу менен жумушчу топ түзүлдү. Анын курамына шаардык кеңештин бардык фракцияларынын өкүлдөрү, эксперттер тобу, анын ичинде Өнүктүрүү саясат институтунун, Гуманитардык пландоо институтунун, Борбор Азиядагы Америка университетинин эксперттери кирди. Каржылоонун жоктугуна карабастан (АКШнын Эл аралык өнүгүү боюнча агенттиги тараптан донордук колдоо жумушчу топко долбоордун баштапкы баскычында гана берилген). Көп учурда жумушчу топтун мүчөлөрүнүн жигерине жана өнөктөштөрдүн

чын дилден берилген жардамына таянуу менен Стратегияны түзүүдө жарандардын кеңири катышуусун камсыздоо мүмкүн болду. Шаардыктар, кварталдык комитеттер, бизнестин, жаштардын, саламаттык сактоо, билим берүү ж.б. өкүлдөрүнүн катышуусу менен 20дан ашуун фокус-топтор өткөрүлдү. Стратегияны түзүүнүн айрым бир баскычтарында документтин долбоорун талкуулоо боюнча «тегерек столдор» кошумча өткөрүлүп, жалпы шаардык конференция да өттү. Ал жерде документтин бет ачары болуп, аны жакшыртуу боюнча сунуштар жана каалоолор айтылды. Стратегияны иштеп чыгуу демилгесин Бишкек шаардык кеңеши көтөргөнүнө карабастан, мэриянын жана өзгөчө Шаарды өнүктүрүү агенттигинин кызматкерлери документти иштеп чыгуунун бардык баскычтарына активдүү катышты.

## Шаардыктардын стратегиясынын артыкчылыктары

### 1. Шаар жана шаардыктар

Шаардыктардын активдүү топторунун шаардын өнүгүүсүнө катышуусу боюнча демилгелерин ишке ашыруу үчүн шарттар түзүлөт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигинин айкындуулугун жана отчеттуулугунун деңгээлин жогорулата турган ченемдик документтер кабыл алынды. Локалдык аймактардын деңгээлинде (ТСЖ, квартал, кичи район) өнүктүрүүнүн өз программалары кабыл алынат. Шаардыктардын демилгесине каржылык колдоо көрсөтүү мүмкүнчүлүгү алынат. Бишкектин жаңы тургундарынын шаардык маданиятка интеграцияланышына өзгөчө маани берилет.



### 2. Шаардын атаандаштыкка туруштук бере алган, туруктуу экономикасы

Шаардын экономикасынын негизи – бул кичи жана орто бизнес, ал көбүрөөк деңгээлде кызматтарды көрсөтүүгө жана бош убакытты өнүктүрүүгө адистешкен. Бизнести өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү бийлик менен бизнестин диалогу үчүн ачык аянтчаларды түзүүгө, коомдук бизнес ассоциацияларды ишмердигине негизделет. Шаардын инвестициялык жагымдуулугун арттырууга карата комплекстүү мамилени ишке ашыруу зарыл.

### 3. Шаардык чөйрөнүн сапаты

«Жашыл шаар» статусун калыбына келтирүү боюнча жаңы мамиле жасоо аркылуу шаардыктар үчүн ыңгайлуу шарттарды жакшыртуу, шаардын курулушуна инновациялык мамилелер, курулуштун ачык жана түшүнүктүү эрежелери.

## Стратегиянын өтмө багыты – шаардык башкарууну реформалоо жана жаңы бюджеттик саясат

Башкаруу системасы бийликтин жергиликтүү органдарын калкка жакындаштырат. Шаардыктарга башкаруу формасын өз алдынча аныктоо укугу берилет. Башкаруунун шаардык органдарынын ыйгарым укуктары жана функциялары шаардыктардын керектөөлөрүнө байланат.

Муниципалдык органдарды реформалоонун негизинде мамлекеттик органдар менен Бишкек ш. жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда ыйгарым укуктарды ажырымдоо жатат. Жаңыланган функциялар жана ыйгарым укуктар турмуш тиричиликтин өзөктүү чөйрөлөрүндө – саламаттык сактоодо, билим берүүдө, социалдык коргоодо муниципалдык башкаруу системасын түп тамырынан бери өзгөртүүнү талап кылат. Буга жараша жаңы ыйгарым укуктарга жаңы чыгаша милдеттемелери түзүлөт. Ошону менен бирге жергиликтүү маанидеги маселелерди – жолдордун ремонту, жашылдандыруу, жарыктандыруу, коммуналдык инфраструктура ж.б. – каржылоо артыкчылыктуу болуп калат. Жаңы бюджеттик саясаттын негизги натыйжасы шаардык бюджеттин каржылык өз алдынчалуулугун жогорулатуу, жыл сайын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча иш-чараларды каржылоону көбөйтүү мүмкүнчүлүгү болуп калат. Бишкек ш. бюджетин түзүүдөгү жаңы эрежелер 2014-2018-ж.ж. аралыгында эле өнүктүрүү бюджетине кошумча 1,5-2 млрд. сом жиберүүгө жол берет. Бишкек шаарынын бюджети республикалык бюджеттен азыраак көз каранды болуп калат. Бул болсо шаардын өнүгүүгө мүмкүнчүлүктөрүн арттырып, бир эле учурда Бишкек ш. жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын шаардыктардын алдындагы жоопкерчилигин да арттырат.

Стратегиянын толук тексти Бишкек шаардык кеңешинин сайтында төмөнкү шилтеме боюнча жайгаштырылган:

http://www.gorkenesh.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=1010&catid=20&lang=ru

**Асылбек ЧЕКИРОВ,**
**Бишкектин «Шаар жана шаардыктар» Стратегиясын иштеп чыгууга катышкан ӨСИнин эксперти**